Мар Алиев

# ИШЕНИМ



МАР АЛИЕВ

*

# ИШЕНИМ

ЫРЛАР

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1982

84 Ки7
А 50

**Алиев Мар.**

А 50 Ишеним: Ырлар.—Ф.: Кыргызстан, 1982. — 120 бет.

Врач Мар Алиев «Ден соолук» журналынын редактору болуу менен бирге кыргыз журналистикасына жана миңдеген булактардан куралып күргүштөп аккан Нарын дарыясы сыяктанган кыргыз адабиятына колдон келген үлүшүн кошуп, оңдогон көркөм китептердин автору болду.

Бул чыгарма анын эр ортону элүүгө баргандагы поэтикалык толгонуусунун жемиши.

А $\frac{70403-168}{М 451 (17)-82}$ 157—82.4702280200 С(Кирг)2
ББК 84 Ки7

Рецензиялаган *Сооронбай Жусуев.*

© «Кыргызстан» басмасы, 1982-ж.

## УГАЛЫЧЫ УЛУУ ОКТЯБРЬ БАЯНЫН

Ук, замандаш,
Улуу Октябрь дабышын,
Арымдуу учкан
Алга сызган
Ааламдагы арышын.
Тыңда, досум,
Тынчтык каалап,
Жүрөктөрдүн кагышын!

Ук, замандаш,
Улуу Октябрь шаңдарын,
Эли сүйүп,
Колдо күйүп,
Өчпөс шамдын жанганын.
Кара, досум,
Капиталдын кара доору,
Канча артта калганын!

Ук, замандаш,
Улуу Октябрь ураанын.

Аткан таңды,
Бул заманды,
Байкап көрчү адилеттүү курганын.
Арнап күчүн,
Тынчтык үчүн —
Түркүк болуп турганын.

Уккун, досум,
Улуу Октябрь сайранын,
Жүрөккө жат,
Көңүлгө шат,
Эркин элдин ырларын.
Сызып учкун,
Медер туткун
Коммунисттер маяк болуп турганын!

Ук, замандаш,
Улуу Октябрь дүбүртүн.
Эркиндик деп,
Эргип эмгек
Жарык ниет биздин күн.
Тыңда, досум,
Туш-тараптын, ааламдын,
Тынчтык деген үзүлбөгөн үмүтүн!

Ук, замандаш,
Улуу Октябрь сырларын,
Ушул тапта,
Туш-тарапта,
Күрөш кулач жайганын.
Кара, курдаш,
Кылкылдашып баш көтөрүп,
Кызыл тууну көп өлкөлөр сайганын!

Уккун, досум,
Улуу таңдын атканын!

Ушул үчүн,
Жарык жүзүм,
Мүрөк суусун татканын
Байкадыңбы,
Баарын жеңип тоскоолдун
Бакыт үйүн элим куруп жатканын.

Уккун, аалам,
Улуу Октябрь баянын,
Уул-кыздары ураалашып,
Дагы бийик сереге,
Туусун алып жалрып!
Эч бир жанды,
Эздирбестен кор кылып,
Түбөлүккө жөлөп-таяп аларын.

Баамдайлычы,
Бакыт деген өлкөмдү,
Бул заманда,
Адамдар да,
Өлкөм менен көркөмдүү.
Ошон үчүн,
Актап эне ак сүтүн,
Бүгүн мына, кең СССР өркөндүү!

Толку, деңиз,
Токтоо бербей чагыңда,
Токтор, иште
Толуп күчкө,
Улуу Октябрь барыңда,
Бүткүл дүйнө,
Колдоп мүлдө,
Бирикмекчи ушул күчтүү агымга!

Бийле, жаштар,
Биз Октябрь балдары,

Соз добушту,
Черт комузду,
Бакыт, таалай ал дагы.
Урмат-сыйга
Батты кемпир-чалдары,
Улуу Октябрь өчпөс болуп жанганы!

Менменсинбейт,
Мезгил деле алмашат,
Мекен өсөт,
Элим сезет,
Бирок душман дале болсо жармашат.
Согуш деген,
Соолгур сөз го чынында,
Бала, эне, баары аны каргашат.

Уккун, досум,
Уккун, аалам,
Уккун, адам,
октябрдын өчпөс үнүн
алоолонуп жар салган:
— Элимде тынчтык орносун,
Эгерим согуш болбосун!
Жетилип өскөн кыз-улан,
Жергесин жаттан коргосун.
Энеден бала айрылбай
эскирип жатсын коргошун!

Укчу, досум,
Урмат менен сезимди,
Байкап көрчү,
Бакыт нурга,
Балкып турган кезиңди.
Жаша, Октябрь,
Жарык чачкан,
Бакыт ачкан,
Жая бергин төшүңдү!

## УЛУУ ИЛЬИЧ ЧАПКАН ЖОЛ МЕНЕН

Алп улуттуу эл менен
Айга да колун сермеген,
Адал иш, алган билимим,
Ардагым, өлкөм, сен менен.

Жылдызга канат сермеген,
Жеңилип такыр көрбөгөн.
Жылт эткен тунук өмүрүм,
Жыргалдуу, элим, сен менен.

Бакытка балкып эң терең,
Баарысын иштеп кол менен.
Утулбай алга өсмөкпүз,
Өстүк биз,
Улуу Ильич чапкан жол менен!

## УЛУУ ОКТЯБРЬ УРААНЫ

Ата журтка алп кубаныч жараткан,
Ак пейилдүү теңдик нурун тараткан,
Ал көсөмүм — Коммунисттик партия,
Аны менен Октябрдын таңы аткан!

Улуу Ильич ачып көзсүз булакты,
Улуу Октябрь жакын кылды ыраакты.
Ал — Октябрь, жагып берген элиме,
Түбөлүккө өчпөй турган чыракты.

Адам үчүн достук менен ырысты,
Ар убакта бизден кетпес кылышты.
Кызыл туулар басып барат дүркүрөп
Кылкылдатып Батыш менен Чыгышты.

Өлкөм өсүп апта сайын, ай сайын,
Өзгөрүштөр улам сонун ар дайым.

Учу-кыйрын жыргал ээлеп Мекендин,
Улуу Октябрь гүлдөй бермек ансайын!

## ӨЛКӨМДҮН ӨССҮН ӨРКҮНҮ

Ыракат, ырыс жанашып,
Ырлар да ага жарашып.
Бийиктеп барат урпактар,
Билим-илим талашып,
Баягы турмуш азыр жок,
Бармагын жүргөн санашып.
Бакытты каалайт баарына
Биримдик, тынчтык самашып
Береке, бакыт уланып,
Бейпилдик колдо туу алып.
Көкөлөттүк максатты,
Көп улуттан куралып,
Эркиндикти колго алган,
Элимде чындык, тууралык.

Улуу Ильич түзгөн заманым,
Урматтап адам адамын.
Укукту берди партиям,
Ушундан бакыт табамын!
Өлкөмдүн өссүн өркүнү,
Өзүңдөн өчпөй жанамын.
Өнөрүм тартуу өзүңө,
Өркүндөй берсин кадамың!

## АТА ЖУРТУМ — АРДАГЫМ

Ай-күнгө өлкөм теңешти,
Атак-даңкы тең өстү.
Ой-кырда курган салтанат,
Октябрь, нуруң эмеспи.

Эл-жерден кетип муң-кайгы,
Эрк таңы өчпөй жылмайды.
Алдыга баштап партия,
Ааламга тынчтык нур жайды.

Куп келип элдин мүдөөсү,
Куттуу үйдүн болдук бүлөсү.
Согушту дайым жек көргөн,
Советтик элдин мүнөзү.

Жергеме бакыт арнадың,
Жеңиш туу дайым кармадың.
Ардактуу майрам кут болсун,
Ата журтум — ардагым!

## АЛИ ДЕЛЕ КОМСОМОЛДУН МҮЧӨСҮ

(Комсомолдун ветераны Шарше Орунтаевге
арнаймын)

Колхозумда кат ташыган киши бар,
Колдон келген толуп жаткан иши бар.
Коом үчүн, эл-жер үчүн аянбайт,
Али дале майтарылбас күчү бар.

— Биз ал кезде андай элек,— деп калат,
Билгенге да, билбегенге кеп салат,—
Ар кимдерди бир-бирине аңдыткан,
Атакөйү, жаман экен эски адат.

Адегенде кызыл жагоо байландык,
Аз жыл өтүп комсомолго шайландык.
Устав окуп, устаттардан үйрөнүп,
Утурумдап үгүтчүгө айландык.

**Тиш кайраган тап душманга тирештик,**
**Тим турбадык канды төктүк, күрөштүк.**
**Өчтү алып, каршы келген жаттардан,**
**Өркүндөгөн өлкөм менен бирге өстүк,**

**Ошол кезде бүт айылга таанымал,**
**Орунтаев, Сатыбалды, Аалы бар.**
**Айланайын, өсө турган жаштар деп,**
**Алкап калат жакшы көргөн карылар.**

**Биреөлөргө жалыны ысык чок болдук,**
**Биреөлөргө жан кейиткен ок болдук.**
**Биздин элдин каршыларын жок кылып,**
**Билим үчүн андан кийин токтолдук.**

**Урпагы өскөн комсомолдун уставын,**
**Ушу күнгө, «сакал урсун», бузбадым.**
**Адеп бузуп, арам ишке бурулуп,**
**Арак, чылым такыр даамын сызбадым.**

**Туура азыр сексен жашка карадым,**
**«Туз буюрса» жүзүнө да барамын,**
**Ата жолун, ага жолун колдогун,**
**Пионерлер, силерге айтар саламым!**

## БҮРКҮТ

(Москваны коргоодо болгон окуя)

**Москва алды, кырк биринчи жылында,**
**Калк кармашты фронтунда, тылында.**
**Өмүр, өлүм ат салышып жатышты,**
**Мындай укмуш болгон эмес кылымда.**

**Кадам сайын катуу кыргын уланып,**
**Кадалып ок, жаткандар көп куланып.**

**Баскынчылар баатырсынып келген кез,**
**Бардык күчүн ок атууга чыгарып.**

**Өрт жалындап, зор ааламат башталып,**
**Өксүдү ээси далай кыштак ташталып.**
**«Эртеңки күн — биздики!» — дейт Бауржан,**
**Эч кебелбей полкун чыдап башкарып.**

**Эске түшүп эне, бала, асыл жар,**
**«Жеңдирбейбиз!» — деп айтышты адамдар!**
**Эл-жер үчүн өмүрлөрүн аябайт,**
**Эр-азамат панфиловчул баатырлар.**

**Момуш уулу алса бербейт каарына,**
**Москоол, ойчул, сыйчыл жашка-карыга.**
**«Азаматтар, улуу элбиз, журтпуз»,— деп,**
**Акыл айтат, топтоп алып баарына.**

**Бул жоокерлер окко, чокко тура алган,**
**Боордошкон ар улуттан куралган.**
**Эң алгачкы бир боор шаарды коргошуп,**
**Элим анда жеңиш менен кубанган.**

**Эгер айтсам сөздүн болбос катасы,**
**Эр Панфилов ушулардын атасы.**
**Уруштарда душман мизин кайтарып,**
**Ушуларга тийген элдин батасы.**

**Бир жакадан баш чыгарып алышты,**
**Бауржанга бир боор болуп калышты.**
**Билип анын тайманбаган эрдигин,**
**Бүркүт ага бир күн келип таанышты.**

**Момуш уулу чакырды аны кашына,**
**— Кыргызсың го, чын айтамбы, жашырба.**
**Алышеров, айтып тур гой, ата ысмы,**
**Азаматсың, анда ийменбе, басынба.**

Тукумусуң улуу бабаң Манастын,
Тузун таттың кыргызыңдын, Таластын.
Тигинекей, тур катарга тизилгин,
Тик тургунуң, намызыңды талашкын!

— Жарайт! — деди командирди урматтап,
Жаны эргип, айткан сөзүн кубаттап.
Же отурса, же басса да, турса да,
«Жеңебиз! — дейт, жүрөгүндө баары жат!

Кутурган чак кан жуткучтар чиренип,
Капшытында ок-жарактар тирелип.
— Чегинбейбиз,— деп жатышат биздин жак,—
Андан көрө как төгөбүз бир өлүп.

Баарын угуп жадымына толтурат,
Барчын жигит буйрук күтүп олтурат.
Так ошондой панфиловчул эрлерге,
Тайманбастан жеңе турган жол турат.

Ал аңгыча жаңы ааламат башталды,
Айдоо, токой... болуп калды таштанды.
Бир жеринде блиндаждар көмүлсө,
Бир жеринде денеси жок баш калды.

Коргошун ок коюу чаңдын арасы,
Канга баткан Улуу орус талаасы.
Баскынчыдан кек алууну көксөгөн.
Бара жатты кыргызымдын баласы.

Ажал келди жалын болуп тизилди,
Адам эмес, чоюн, болот сүзүлдү.
Ок жаңылып, тери кармайт, кан бүркөт
Оң колунун сөөгү сынды-үзүлдү.

Кың дебеди, жоокер эрдик баштады,
Шакшагынан кыя чаап таштады.

Ал согушка мен катышкан эмесмин,
Момуш уулу Бауржандын жазганы.

## ЖАЗ ЖАНА ЖАШТЫК

Шамал ызгып, чийдин башын жапырат,
Боз үй солк дейт, керege-уук качырап.
Короолордон козу маарап, кой маарап,
Тэ-э күүгүмдө аздап барып басылат.
Көктү карайт чабан туруп короодон,
— Оо, буюрса, эртең асман ачылат.

Жаз келди эми алп урушчу түн менен,
Жаштар мында уйку десе билбеген.
Таң атаарда «куш уйкуну» салат да,
Таң куланөөк кошо турат күн менен,
Сакманчылар жапа тырмак күзөттө,
Сак турушат чыгым бербес түр менен.

Демеп иштейт, бири дагы мойнобой,
Кол бошосо, бир аз тыным ойномой,
Жаштык барда, жалын да бар, эмгек бар,
Эмгектен соң тура алышпайт ойнобой.
Жүрөгүндө эл ишенчин бек актап,
«Жүзүм жарык боло көр» деп ойлонмой.

Күндүз чыгып, эки жакты карачы,
Кой-козуга толот кокту арасы.
Чабдар атчан кой кайырат ыр менен,
Чыйрак өскөн чоң чабандын баласы.
Жардам берип, ар бир сакман турбаса,
Жетээр эмес чабандардын чамасы.

Жаздын көркү жаштар тура демдеген,
Жарыш десе дайым байге бербеген.

Утур-утур чабан сүйлөп бажактайт,
Ушул тура «көп түкүрсө көл» деген.
Эргүү менен кубат-күчтөр айкашып,
Эмгектенет жаштар анда дембе дем.

## БИЛИНЭЭР БАРКЫ СҮЙҮҮНҮН

Жыпжылуу эле ошол түн,
Жылдыздар суктуу караган.
Уядык бийлеп, аз сүйлөп,
Убакыт өткөн арадан.
Эң алгач калдык таанышып,
Экөөбүз өскөн калаадан.

Ыракат алдык сүйүүдөн,
Ыкташып улам тартылып.
Бойлорго бойлор болуп тең,
Моюнга колдор артылып.
Таптаттуу сырга айкаша,
Тамаша кошо чарпылып.

Өткөндөн болуп бир мезгил,
Өмүр жол артка ташталды.
Өзүнөн кеткен каталык,
Өкүнтпөйт кантип жаш жанды.
Бир кезде кылдың чекилик,
Билбеймин андан башканды.

Жаңылбас чыкпайт адамдан,
Жаралып калган тубаса,
Күйүткө батып болбо таң,
Күнөөңдү чындык жуубаса,
Алдандың элең анда деп,
Айтаарсың бирөө сураса.

**Айланып өтүп секунддар,**
**Айлары жылга жеткенде,**
**Кыйналдың, болуп ичи тар,**
**Кырдаалың өтүп кеткенде,**
**Билинээр баркы сүйүүнүн,**
**Бир топ жыл дагы өткөндө.**

## БАГБАН КОЛУ

(Лейлек районундагы «Коминтерин» совхозунун бригадири Абдылдаев Токтошко.)

**Тунук сезим жемишин,**
**Турмушумда көп көрдүм.**
**Ташты жарып гүл ачкан,**
**Татынакай чөп көрдүм.**

**Ойдо жоктон таанышып,**
**Ошол жактан чөл көрдүм.**
**Жаңырыптыр чөл орду,**
**Жашыл жапкан көл көрдүм.**

**Жүгөрү чыкса бир жакта,**
**Жүзүм турат ийилип.**
**Ишин көрүп дыйкандын,**
**Ичимден турдум сүйүнүп.**

**Тотуккан бети дыйкандын,**
**Тосуп чыктым жолунан.**
**Туйтунуп алдым алекти,**
**Туурук-туурук колунан.**

**Аймагына көз жетпей,**
**Алыс окшоп талаасы.**
**Тигилердин баарына,**
**Тийген окшойт салаасы.**

Томсорул турган бир кезде,
Такыр, таштын арасы.
Токуш аба колунан,
Гүлзар болду, карачы!

Тамчы суусу кетирбей,
Талаасын бүт кандырат.
Эмгегинен ал жерге,
Эргүү күчүн алдырат.

Жейрендер карап суктанат,
«Жерибиз кайда калды» деп,
Тили жок аларга айтууга,
«Дыйкан тартып алды» деп.

Токуш аба кубанат,
Тагдырлуу иштин оңуна.
Ыракмат айттык биз дагы,
Ырыстуу дыйкан колуна.

Сүйлөшө келсек сурашып,
Сүйүнүч турат жүзүндө.
— Түшүмдөн бирге таталы,
Келгиле,— дейт,— күзүндө.

Баарын айтуу эң кыйын,
Барабызбы, билбейбиз.
Багбан Токуш акеге,
Бар жакшылык тилейбиз!

Баатыр болсо кокустан,
Кайра кантип барбайбыз?
Чымыр жүргөн дыйканга,
Чың ден соолук каалайбыз!

## МЕН СИЛЕРДИ САГЫНЫП

Галстукту мен туура эмес тагынып,
Байлап бер деп вожатыйга жалынып,
Жүргөн кезди барган кезде эңсеймин,
Коңгуроосун мектебимдин сагынып.

Эже, агайды «кыйнайт» дедим таарынып,
«Эң жакшы» алсам, аларга да алынып.
Эрки күчтүү эжей менен агайым,
Эми ыр жаздым, мен силерди сагынып.

Жазга аралаш гүл ачылса жарылып,
Жарыша мен силерди эстейм сагынып.
Билим ээси эжей менен агайга,
Барбаса экен өлүм менен карылык!

Өкмөтүмдөн көп белгини тагынып,
Өстүк биз да өспүрүмдөн арылып.
Айланайын атагыңдан мугалим,
Ар бир сөзүң окуучуңа жаңылык.

Көптөр өткөн тамга билбей зарыгып,
Көңүл айнып (ошол тушка таарынып.)
Муун-башат мугалимге таандык
Муну жаздым баарыңарды сагынып.

## ТОО ШУМКАРЫ

Топосун ээрчип мамалак,
Тоосукда ойноойт сабалап.
Толукшуп турган жайлооңдон
Толкундуу ырлар жаралат,
Демикпей чыгып туу жонго,
Де койчу, кантип баралат?!

Тоо көрдүм топос кырдаган,
Тоолукту көрдүм жыргаган.
Тоготпой ызгаар, аязды,
Топосун кайрып ырдаган.
Ал жүргөн аска, зоолорго,
Баралбайт башка бир адам.

Ат жалы менен ойногон,
Ар-намыс жагын ойлогон,
Азамат менен жолуктум,
Ак эмгекке тойбогон.
Эл алдында айтканын,
Эч аткарбай койбогон.

Мылтыгын октоп, тазалап,
Мингени зоот казанат
Түн-күнү тоодо жүрсө да,
Тоготпогон азамат.
Токтоо мүнөз топосчу,
Тоо шумкары аталат.

## КЕЛЧИ ЖАНЫМ

Ай селки, жан эриткен жыргалың ай,
Акындын жарпты жазган ырларындай.
Колуңду кармаганда эргип кетем,
сергип кетем,
Комуздун күүгө келген кылдарындай.

Түбөлүк ашыкмын го, аткан таңым,
Түңүлтпөй барган сайын караткаңың.
Сүйүмөнчүк болгон жакшы бул дүйнөдө,
Сүлдөрсүз жүрөк калды—сүйөм жаным.

Ансайын сен дегенде артып жалын,
Азгырып тартуу кылат сүйүү балын.

Экөөнө орток болот бир махабат,
Эзилип ойнойлучу, келчи жаным!

## АЛ УЧУР МАГА САЛТАНАТ

Айтсаң сөз, андан бал тамат,
Алагар көздөн шам жанат.
Агайлап карап кол берсең,
Ал учур мага салтанат.

Сен турсаң жарык чар тарап,
Сезимим эңсейт көп карап,
Ашыктык ойноп от менен,
Айта албай жүрөк жалтанат.

Жолуга калсаң жалт карап,
Көзүндөн көзүм жалтанат.
Жолдоштук десе бек турган,
Жоругуң мага салтанат.

## ТҮТӨП КЕТЕТ КАҢЫРЫК

Таанышкан кез. Сен кулпура кийинип,
Тамылжыдың тартсам колдон ийигип.
Тарткычы жок колго урунду кош нерсе
Таш алмадай тирсейиңки түйүлүп.

Ийменсең да, ие тартып имердим,
Ири алдыда искей жыттап жибердим.
«Ичикий» деп кайра ыктай толгондуң,
Ийиктирип мени ысык илебиң.

Даанышмандык денеге от тараткан,
Далай жолу сырдашуудан таң аткан.

— Кечирициз, кетсли! — деп айтчу элец,—
Кечикпейлик, бүгүн кокус сабактан.

Жылдар жылды эч билинбей жаңырып,
Жаштык утуп, кээ бир кезде жаңылып,
Түгөнгүр ай, түбөлүкпү ал элес,
Түшсө эске, түтөп кетет каңырык!

## ЖҮРӨКТҮ КЕТТИҢ САЙМАЛАП

Чарчатканың эсимде,
Чабак болуп сууда ойноп.
Жайдын толук кезинде,
Жанашканда көл бойлоп.

Имерилсем бой эрип,
Ийидиң го сөзүмө.
Каректи сүзүп жиберип,
Кадалды көзүң көзүмө.

Кош алмаңды сыйпалап,
Колум тийсе төшүңө.
Сен чачымды уйпалап,
Сезим коштуң өзүмө.

Берилип кетип сүйүүгө,
Бетиңден өптүм аймалап.
Жүзүңдөн чачкан нурларың,
Жүрөктү кетти саймалап.

## БҮЛӨТҮ

Болот экен жүрө берсең күн өтүү,
Бой эргитем сага келсем, Бүлөтү.

Ал ансайын көз алдыма тартылат,
Атакемдин тирүү учурда сүрөтү.

Бийик тоодон көз салгансыйт бир өзү,
Бул жүрөктөн орун алып сыр сөзү.
Эл ичинде турган өңдүү сезилет,
Ээн калбай тиги эстелик мүрзөсү.

## ЖЫЛУУ САЛАМ АЙТАБЫЗ

Ассаломалейкум, Ала-Тоодо жаткан чабан,
Ал жерде асыл малын баккан чабан.
Эрикпей эрмек кылып укса экен деп,
Эфирден айтабыз биз жылуу салам!

Ассаломалейкум, ак пахтачы бийик дабан,
Ар дайым эмгек десе күйүп жанган,
Эшитип музыка угуп алса экен деп,
Эфирден биз айтабыз жылуу салам!

Аманбы, тамеки эгип кылган эмгек,
Ар дайым иш оюнда, чеке терден.
Эринбей эмгек кылдың, эми эс алгын,
Эфирден музыкасы болсун эрмек.

Түйшүктүү болот тура түнкү сугат,
Түн кечтеп, эс алууга келди убак.
Эгинден мол түшүмдү алат го деп,
Эфирде «Бейпил түнүң» ырлар сунат.

Угуучум, көңүл дайым тетик жүрсүн,
Урматтуу заманымда ойноп-күлсүн.
Эфирде «Бейпил түнүң» өкүм сүрөт,
Эмесе, эл обонго кулак түрсүн!

## СЕН СУЛУУ

Анча эмес го, сырт келбеттен кулпуруу,
Андан көрө жакшы ишке умтулуу,
Акыл менен бап келишсе тартибиң,
Айланайын, ошондо эле сен сулуу.

Сөздөрүңдөн илеп турсун жылжылуу,
Көздөрүңдөн элестесин күн нуру.
Сагындырып жок кезиңде издеткип,
Садагасы, эгер болсоң чын сулуу.

Болсом дагы сенден нечен жаш улуу,
Боор тартып, карай бербейм мен куру.
Карааныңды кадам сайын жоктотсоң,
Кагылайын, так ошондо сен сулуу.

## МӨГҮЛӨН

Издетип жүрүп көрүнгөн,
Искесең жыпар төгүлгөн.
Анчалык эмес алыссың,
алыссың,
Ала-Тоо гүлү мөгүлөн [1].

Элестейт чоңу оңүнөн,
Эл айтпайт сени жөнүнөн.
Кыз өңдүү назик белемсиң,
Кымыздык жыттуу мөгүлөн.

Жай алган жериң мөңгүдөн,
Жайлоонун гүлү мөгүлөн.

[1] Мөгүлөн — эндик гүл.

Ала-Тоо ата мекендин,
Алыпсың орун төрүнөн.

Өзүңдү издейм өрүүдөн,
Өрөпкүйт жүрөк көрүүдөн,
Өктөмдүү көктөп солубай,
Өсө бер гүлүм, мөгүлөн.

## АРДАГЫМ

Тоодой бийик толкун ташкан ырысың.
Толкундаттың жүрөктү сен тымызын,
Эрке мүнөз эмгек жандуу кыялың,
Элестетет көктүн Чолпон жылдызын.

Жанса ошол жадыраган жамалың,
Жарыгынан жанга кубат аламын.
Сүйүү деген океанга бой таштап,
Сүйлөшүүгө далбас урган баламын.

Кантем анан келе берсе карагым,
Карлыгачым, кандай айла табамын.
Окуу бүтүп, ой, максатка жеткенче,
Окуй жүрчү студенттин саламын.

Ат жалында ойноп өскөн ардагым,
Ала-Тоодой ак сүйүүмдү арнадым.
Эгизиндей эки жүрөк табышып,
Ээси болсок сен башкарган чарбанын.

## САЛАМАТ ЖҮР

Алыстан келе жатсам машине айдап,
Алдымдан чыгып келдиң күлө жайнап.

**Эмгектен демөөр алган түрүң сонун,**
**Эргиттиң, ырдап келдиң аха-хайлап,**
**Эркимди ээлеп алдың матап-байлап.**
**(Ылайым саламат жүр, тынбай сайрап)**

**Апаңыз жүргөн экен музоо байлап,**
**Атаңыз шалбаада экен чалгы кайрап.**
**«Үйгө кирип чайлашалы» дегенди угуп,**
**Үн катпай машинамды кирдим айдап.**
**Эмнеге гипноз өңдүү бийлеп алдың,**
**Эх, чиркин бир жүрсөкчү кыштап-жайлап.**

**Дагы эле мен жүрөмүн «араба» айдап,**
**Дөңгөлөк тынаар эмес жолду кайрап.**
**Ыр созом жол үстүндө бара жатып,**
**Ыраазы болгон жүрөк аха-хайлап.**
**Жыргалым, түгөнбөгөн ак ырларым,**
**Жашайлы ээ, түбөлүккө жылдап-айлап?!**

## АРНОО

**Сен океан түбү терең чалкыган,**
**Сезим чиркин бир көргөндө балкыган.**
**Искегенде гүл өңдөнүп кетесиң,**
**Издеп, сүйүп, араң тапкан калкыман.**

**Сен дастансың акын жазып бүтпөгөн,**
**Сен асмансың, бүркүт учуп жетпеген.**
**Эргиттиң сен сүйүп жүргөн жүрөктү,**
**Эми кантип түшүндүрөм кеп менен.**

**Сен мүрөксүң, ичсе суусун кандырган,**
**Сергектентип, жүрөк отун жандырган.**
**Сересине махабаттын гүл коюп,**
**Селки, мага кубат берген санжырган.**

Сен нектарсың, сорсо моокум канбаган,
Түбөлүкмүн дайым сени жандаган.
Таалайыма мен ыраазы ар качан
Тандап сүйүп, өз колуңду кармаган.

### БИР КЫЗГА

Сулуу элең биздин мектептен,
Суйкайып көңүл дегдеткен.
Тамаша жандуу кыз элең
Тарасак, үйгө бир кеткен.

Кийин соң билдим жайыңды,
Кийинип баркыт, шайыңы,
Таапсың чирен күйөөнү,
Таң калтып бүткүл айылды.

Байкабай анда шашыпсың,
Балалык кылып качыпсың.
Артыңдан барса ата-энең,
«Айла-амал жок» деп жашыпсың.

Дүнүйө чырмап алыңды,
Дүрт басып жаштык жалыңды.
Тооруптур «кызыл кулагың»
Толтура берип калыңды.

Ал эскилик — калдык да,
Айтыптыр күйөөң: «Алдык да!»
Ашпозчу келин болупсуң,
Аттестат калып сандыкта.

Отурсун деп ылайым,
Окутпай койду жубайың.
Жериңден барган бак айтсын,
Жээниңмин эмне кылайын?

## КЕЧИРИП КОЙ

Ойлосом мен өзүңдү тумар тутуп,
Ойносом махабаттын балын жутуп.
Айлыңа бир барууга кумар болуп,
Ар дайым камынамын атты суутуп.

Кадыркеч, калбастырсаң мени унутуп,
Кат жазчы, кагылайын ич жылытып.
Туу болуп сүйүү даамын татышсак дейм,
Турмушка алдырбастан арбап-утуп.

Кайрылдым жүздөшө албай, катым менен,
Кандай дейт сунушума атаң-энең?
Кечиктим, кечирип кой кызмат ошол,
Келип кет деген экен жакын жеңең.

Жашбыз да жадыраган, акыл тунук,
Жарышып, мезгил менен алга жылып.
Кыйнасам капа болбо, кулдугум бар,
Кызсың да — салт боюнча чачың улук.

## АЙКАНЫШ

Ак пахтачы Айканыш,
Азыр мага бейтааныш.
Ашык кылды эмгеги,
Алкышты ага айтабыз.

Аппак көйнөк, Айканыш,
Ак ишиңди айтабыз.
Ирeнжибе, сиз бизден,
Интервью алып кайтабыз.

Убакыт жок жай табыш,
Учурашып кайтабыз.

Айта албадым сүйүүмдү,
Ай, Айканыш, Айканыш.

Мээнеткеч кыз, Айканыш,
Мен сыртыңдан бейтааныш.
Мезгил келээр таанышаар,
Ал, анткени, «жаз жарыш...»
Ай, Айканыш, Айканыш!

## АТАГАНАТ

Ойгоном, алган жарым, сени карап,
Ойлоном кыроо баскан чачты тарап.
А көрсө, өмүр шашып жаткан тура,
Арт жактан урпактар да өсүп барат.
Улукман аке өңдүү көп жашатаар,
Уу эмес, дары тапсак, атаганат!

I

Турмушта оңдоо утуп, ката калат,
Турмушта туура жүргөн атак алат.
Бакытка эмгек менен эргип жетип,
Баарынан ошол адам бата да алат.
Алп сындуу бүт илдеттин бабасын таап,
Айлымдан алкыш алсам, атаганат!

## ГҮЛ ТҮСҮ — СҮЙҮҮ ЭЛЕСИ

Кызыл гүл сунсаң сүйгөнгө,
Кызыл туу болуп жангының.
Жаштыктын отун жандырып,
Жаныңа кубат алгының.
Өңүнөн аны аздырбай,
Өмүр бою кангының.

Мала кызыл гүлүңдө,
Махабат, жаштык жайланат.

Көңүлүң сүйгөн курбалың,
Көпөлөк болуп айланат.
Сунуп кал таап ыкмасын,
Сулуу кез келбейт кайралап.

Сары гүлдөн десте бурагын,
Сагынсаң келет ынагың.
Таалайга сүйүү айкашып,
Табасың жаштык курагын.
Толкутуп күндүн нурундай,
Той бере турган убагың.

Жашыл гүл сунсаң жарашып,
Жаштыктын козгойт үмүтүн.
Ар кыял чыгып ордунан,
Ашыгың жанда күнү-түн.
Таалайга шерик жар менен
Табылса — бакыт, ойно, күл!

Ийменип сунган гүлүңдүн,
Ишеним бар көгүндө.
Сүйүүдөн чыккан көк жалын,
Сүйүнүч берет көңүлгө.
Түшүнө бер ал гүлдөн,
Түбөлүк жарык жөнүндө.

Кара гүл көңүл чөгөрөт,
Антсе да болот салтанат.
Өңүнөн гана шекшинип,
Өгөйлөп жүрөк жалтанат.
Каадасы бар анын да,
Караңгы болбой чар тарап.

Аябай сонун эмеспи,
Агынан гүлдүн арнасаң.
Акактай сүйүү тартуулап,

Ашыгың колдон кармасаң.
Апакай, назик махабат,
Алдыңдан тосоор ар качан.

## ЖАМГЫР ТӨКТҮ

Жамгыр төктү жашын такыр тыя албай,
Жатты булут баш-аягын жыя албай.
Куйган жаанга кайыл болду жаш бозой,
Кучагында кумар көзүн кыя албай.
Ал ансайын ыктай берди селкиси,
Ашыктыгын жашыра албай, уялбай.
Көл-шал болду көп байкабай эки жаш,
Көөдөндөргө кең махабат сыя албай.

## ЫР ЖАТТАП

Таң алдында торгой үнүн уктуңбу,
Так ошондо түш нектарын жуттуңбу,
Ыраак жүрүп мен өзүңдү сагынып,
Ырдап жаттым, сезиминде туттуңбу?

Сени ойлосом, бир өзүнчө ыракат,
Сезем жакын, кеткен сайын ыраактап.
Серүүндөсөм, көз алдымда элесиң,
Секетпайды созуп жүрөм ыр жаттап.

## ТАРТУУЛАП ТАМЧЫ КАНЫҢДЫ

Ал кезде эстен танып,
Алып дарт менин алымды,
Көтөрүүгө шай келбей,
Көкүрөк-көөдөн, санымды,
Так өзүң сактап калыпсың,
Тартуулап тамчы каныңды.

Учурунда таап келипсиң,
Унутам кантип аныңды?
Сая кетээр кезинде,
Сактапсың асыл жанымды.
Аралжы болуп ажалга,
Арнапсың тамчы каныңды.

Жүзүмө тарап кызылы,
Жүрөккө берди жалынды.
Шалдая түшкөн денеге,
Шам болуп кайра жагылды.
Ардактуу донор—ынагым,
Актаармын тамчы каныңды.

## ТАҢДЫ ТОСУУ

Тээ сырт жактан чурулдап,
Торгой үнү угулат.
Тоонун суусу шалдырап.
Таңды утурлайт ыр курап.

Аркы колот тараптан,
Ак жоолук бар бараткан.
Айжан тура саанчы,
Айылды бүт караткан.

Учуп куштар уядан,
Уйлар чубайт кыядан.
Койлор чыгып жайытка,
Кой четинде Сыдан.

Акагы күндүн чачылып,
Асман чайыттай ачылып.
Үргүлөөдө үкү да,
Үргөн иттер басылып.

## ТАҢ АТПАЙТ

«Түгөнгүрдү» ошол кыз,
Түшүндө да жаратпайт.
Ашыгы анын дегдетип,
Ай, таң атпайт, таң атпайт.

Кээ бир, кээ бир жигитке,
Келбетин да каратпайт.
Бирок бирөө жүрөктө,
Бүгүн неге таң атпайт?

Толгон жигит тийишсе,
Топчусун да карматпайт.
Тооруп жүргөн бирөөнү,
Тосуу үчүн таң атпайт.

Сүйүп колун бербесе,
Сүйүү кумар таратпайт.
Таалай, үмүт күттүрүп,
Такыр неге таң атпайт?

## АПАКАЙЫМ

Мезгил сырдуу өткөн сайын,
Мен эстеймин сени дайым,
Алыс жерде сүйүү эңсетет,
Азыр кандай абалдасың,
апакайым, аай, эркетайым!

Сен билесиң окуу жайын,
Көздөн учту өзүң менен өскөн айыл.
Кисти кылып, кирпигиме жашты боёп,
Кат жибердим карындашым,
кагылайын, кара көзүм, апакайым!

Анан кимди артык баалап сагынайын,
Алда кимге жүрөк сүйбөс, жагынайын.
Тумар тутуп өзүң чийген антыңды,
медер кылып көкүрөккө
тагынайын, апакайым, кагылайын!

Мажнун болуп махабатка малынайын,
Маал жетээр, ага чейин сагынайын.
Кабар деген көкөлөтөр көңүлүмдү,
Кат жаз бачым, кагылайын,
апакайым, не айтайын!..

## КЫЗ КУУМАЙ

Сапырылат ат жалы,
Сарсанаа болуп арттагы...
Кыргыз ойну — кыз куумай,
Кылымдан берки салттагы.

Алдында бирөө бөлүнөт,
Артына чачы төгүлөт.
Ат ойноткон ак селки,
Айчүрөк сымал көрүнөт.

Тизгиндер колдо карышып,
Тигине келет жарышып.
Илгиртпей жетип жаш жигит,
Имерди белге жабышып.

Жаркылдап куру белдеги,
Жагалмай сындуу эңгени.
Жибите сүйдү селкини,
Жигиттин ошол жеңгени.

## ТАНАБАЙ ТАҢШЫК

Мингеним тулпар сарыдан,
Кийгеним өңчөй жаңыдан.
Өрүштө жылкы четинде,
Өзүңө жетпей зарыгам.

Зарыгам, сени сагынам,
Эт жүрөк эңсейт абыдан.
Кеч курун жетип барамын,
Кетпесе тулпар табынан.

Күттүрсөм, жаным, таарынба,
Күн-түнү малда камылга.
Күүгүмдө бир күн барармын,
Гүлсары тулпар барында.

Байкагам жигит курактан,
Балапан кыргый убактан.
Барганда күтүп алаарсың,
Баягы тунук булактан.

Жылкычы жигит Танабай,
Жытыңды самайт баладай.
Жыпары белең сүйүүнүн,
Жыргалым селки, садага-ай.

## ӨЗГӨРДҮ УКМУШ ТӨГӨРӨК

Алманын гүлү ачылып,
Апакай болуп чачылып.
Жапа тырмак иш тилеп,
Жаз келген тура ашыгып.

Өрүктүн гүлү ачылып,
Өзгөчө болуп чачылып.

Керемет экен жаз айы,
Кереги эмне жашырып.

Өткүнү кетти себелеп,
Өлүүнү жууп, тебелеп.
Өзөккө чейин жыт аңкып,
Өзгөрдү укмуш тегерек.

Келгин куш тынбай ташынып,
Кумарлуу жазга ашыгып.
Жумшактайт улам уясын,
Жумурткасын жашырып.

Сайлардын суусу таш уруп,
Самаган жакка баш уруп.
Санаамды басат көргөндө,
Саймалуу гүлдөр кулпуруп.

## ААЛАМДЫН ЖҮРӨГҮ

(хор)

Таңы атып, күнү батпаган,
Такшалтып партия, баарын таптаган.
Түркүгү тынчтыктын түбөлүк орнолуп,
Түптүгөл ааламды ал азыр каптаган.
Гүлдөгөн жериме,
Күжүрмөн элиме,
Айтабыз алкышты ишеним актаган.

Салты бар күтүп сактаган,
Даңкы зор жалпы барктаган.
СССР — соолбос достук булагы,
Сыймыктап дүйнө эли бүт мактаган.
Ынтымак бешиги,
Ырыстын эшиги.
Эркиндик, эмгекти ээлтен жактаган.

Ааламга ак жарык тараткан,
Алгалап адымы, өйдөлөп бараткан.
Ал менин мейкин мекеним —
Саатына сансыз иш жараткан.
Тоолоры колунда,
Тууралык жолунда,
Суктантып асманды өзүнө караткан.

Ишинен ийгилик дайыма табылган,
Ильичтин өрнөгү кепкенен таанылган.
Компасы—Компартия көрсөткөн жол,
Күчүнө багынат күйгөн чагылган.
Ааламдын жүрөгү,
Ал — тынчтык тиреги,
Азыр бизге ар кубулуш багынган.

## КУЛУНДУ

Кубарып жаткан талаага,
Кулпунтуп суу бурулду.
Жашылдан кымкап жамынып,
Жашара түштү Кулунду.

Талааңды ээлеп эмгекчи эл,
Татына үйлөр курулду.
Тарыхта калаар из баштап,
Таанылбай калдың, Кулунду.

Өзгөчө сүй деп эмгекти,
Өстүрдүң кыз, уулунду.
Баатырлар чыгып алардан,
Бакытка батты Кулунду.

Жаңырып эмгек ырлары,
Жаңылык басты тууруңду.

Жаштардан чыгып жакшылап,
Жаркыдың көркөм, Кулунду.

Алгалап өсө бергин деп,
Арнадым ушул ырымды.
Кубансын элиң эмгектен,
Кулпуна бер, Кулунду.

## КЫШКЫ БИР КӨРҮНҮШ

Короо ичинен алыстабай шор жалап,
Койлор ыктайт оттобостон кол карап.
Чабан жигит чаалыкпастан кыш күнү,
Чачып жүрөт жыйган чөбүн тонналап.

Бурганакка моюн бербей бууланып,
Булут чулгап, кар эрүүдө ымдалып.
Койлор семиз, төл эгизи көп болоор,
Коёмун дейт, колго кызыл тууну алып.

Жалт караса, жигит көөнү кубанат,
Жары чыкса өзү менен удаалап,
Чала-чарпа тамаша айтып күлдүрүп,
«Чалым, жүрү, чай иччи», деп суранат.

Коё бербей, кайра тартып имерип,
Колго урунуп алтын боор билерик.
Анан жөнөйт кошо басып колтуктап,
Ак койлорго дагы бир көз жиберип.

## ЖАШТАР — КӨРКҮ ТАЛААНЫН

Эң бир сонун айланам,
Эмгекке толуп кайнаган.

Карачы колхоз талаасын,
Корабддер жайнаган.
Кырманга толуп кызылы,
Келгенсийт агып дайрадан,
Кыйма-чийме машина,
Кыз-келиндер айдаган.

Бир данын да калтырбай,
Сабагы жок ал тургай.
Инженерге окшошот
Иштеп жаткан бир тынбай.
Ыракаттуу жаштар көп,
Ырдаганы «Алты ыргай».
Батасың балкып ырыска.
Барып калсаң жан жыргай.

Бүрүшүп тоспой далысын
Бүтүрүп иштин баарысын.
Сындап артта калганды
Сүйлөгөн сөздүн калысын.
Жарашат экен аларга,
Жаштардын көрсөң жарышын
Сылык-сыпаа жаштары
Сыйга бөлөп карысын!

Аткарып айткан талабын,
Таң менен таштап кадамын.
Күлпөттүү барат эмгекке,
Күнгө айтып эрте саламын.
Күүгүмдө кайтат ишинен,
Күжүрмөн күчүн карагын.
Жалын жүрөк, кайраткер,
Жаштар—көркү талаанын.

## ОТУРУШ

Ыйгарып сунуп ар жерден,
Ырдалса сонун «Сармерден».
Кокустан тартпа азапты,
Колуңа тийип чоң керден.

Кутулуп кетет ыр билген,
Купуя сүйлөйт сыр билген.
Жаңыла көрбө ал кезде,
Жазаңды берет «чыр» билген.

Обонуң болсо жаалашат,
«Оо дагы», дешип каалашат.
«Өлбөгүн, жигит, өлбө» деп
Өзүңдү колдон талашат.

Араксыз анда көңүлдүү,
Аласың узун өмүрдү.
Ардактуу андай отуруш,
Ачыгын айтсак, төгүнбү.

## ЛИРИКА

Өзүндө бар чын сүйүүдөн керемет,
Өрүк гүлү түшүп турат себелеп.
Кезегинде аяп турам даай албай,
Кетемби деп кокус аны тебелеп.

Суктанат го сага колу жете элек,
Суйсаласың бассаң бөбөк жетелеп.
Садагасы, менден күдөр үзбөчү,
Сага арнаган сүйүүм али кете элек.

Бир сүйүүнү аткаралы экөөлөп,
Бала ээрчитип, багып аны бөпөлөп.

Ынтымактын ичке жибин эшели,
Ысык сүйүүм дале тарап кете элек.

Өлмөйүнчө өчпөс даркан кумарым,
Өмүрүмдүн эң кымбаты, ынагым.
Өлөң болуп, андан ырга уланып,
Өөрчүй берет сени менен дымагым.

## МАРКУМДУН УУЛУН КӨРГӨНДӨ

(Курбум К.га)

Улутунат ал неге,
Унутулат ал деле.
Убайга салган адамды,
Ушундай өлүм бар беле?!
Караңгы көрдүн ичине,
Канткенде батты чоң дене?!
Топурак салбай өзүнө,
Томсоруп калды Мар деле.

## ЖҮРӨКТӨ КАЛДЫ, ЖҮРӨКТӨ

Суктана түшөм карасам,
Сууларың бүтүн арашан.
Кейибес элем эч качан,
Керекке дайым жарасам.

Мекеним—жердин соорусу,
Меймандос элдин конушу.
Аралап жүрсөң ар дайым,
Айыгат адам оорусу.

Токтотуп акыл мүнөткө,
Тоолорду тарттым сүрөткө.

Жүлүндү бийлеп таасири,
Жүрөктө калды, жүрөктө...

Айлантсам акыл, мүнөттө,
Айлана түштү сүрөткө.
Ала-Тоом алтын мекеним
Ар дайым турат жүрөктө.

## КЕЧИРГИЛЕ

Саймаладым ырым менен баракты,
Сансыз ойлор жетелешип баратты.
Көзү өтсө да, өзүн көргөн өңдөнүп,
Көксөйм азыр Атам тиккен даракты.
Эне-аталар эстелигин калтырган,
Эңсеп турам ошол айыл тарапты.

Биз айылдан шаар жакка узадык,
Бирок анда бийлеп турду кусалык.
Кыйла жылдар өтүп кетти арадан,
Кыз беришип, бирөөлөрдөн кыз алып.
Кечиргиле, Ата-Энелер! Айылым!
Кетип калдым калем алып узанып.

## АПТА САЙЫН, АЙ САЙЫН

Апата сайын, ай сайын,
Ашыктык артат ансайын.
Анчалык эмне берилем,
Ачыгын айтчы, Жаң-Айым.

Гүл болчу, жыттап канайын,
Күн болчу, нурдан алайын.
Өмүрдүн жеткен төрүнө,
Өрнөктөш болуп барайын.

Секетим, алтын-таалайым,
Сыр айтчы, угуп канайын.
Тоспочу колду сүйүүгө
Тозокко бирге барайын.

## КОЛТУКТАШЫП БАРСАК ДЕЙМ

Биригип келип табылган,
Биздеги сүйүү чагылган.
Кайрадан деле көрсөм дейм,
Кадимки Кызыл-Адырдан.

Сүйүктүү кезде батырган,
Сүйлөшсөк ошол чатырдан.
Өмүрүм алаар кубатты,
Өзүңдөй чабан-баатырдан.

Кошулсун жылкым коюңа,
Кой, алба жаман оюңа.
Колтуктап бирге барсам дейм,
Колхоздун берген тоюна.

## КУРБУМА

Андан бери алда канча жыл ашты,
Ал кездерде гүлдөтчү элек классты.
Ымалабыз башкалардан өзгөчө,
Ынтымактуу жүрчү элек го, ырасны?

Кесип тандап, кеттик эми бөлүнүп,
Кешик буйруп, ал да кызык көрүнүп.
Мага бирок алыс сындуу туюлат
Маңдайыңдан ысык маанай төгүлүп.

Ойлоп, иштеп, оюн-шоокту самасам,
Ойго түшөт кээде сенин тамашаң,
Жарпты жазаар, жанаша бир басканда,
Жан жолдоштун ысыктыгын карасаң.

## БАРКТАЙЛЫЧЫ ӨМҮРДҮ

Көргөн сайын көкүрөктө жылуулук,
Көркөмүң ай, көп караткан сулуулук.
Бүткүл ойду тартып алат өзүңө,
Бир карасаң жал-жал этип бурулуп.
Бирге жүрсөк кандай болот деп ойлойм,
Бирок жашым сенден кылат улуулук.

Кыздар менен кытылдаган жаш калды,
Кыроо басып, чачты дагы ак чалды.
Көңүлүмдө он сегиз жаш элестейт,
Көргөнүмдө көрктүү жүргөн жаштарды.
Көктөм сымал баалаш керек өмүрдү,
Көптү көргөн көмүлбөгөн баш барбы?

Байкайлы кой, жашоо, сүйүү, өмүрдү,
Баарыбыз тең калтырбайлы көңүлдү.
Таза сүйүп, ак, адилет өтөлү,
Таап алган соң турмушунда теңиңди.
Бапестелген өмүрүмө бап келип,
Балдарымдан ысык сүйүүм көрүндү.

## «АЛА-ТОО» ДЕМ АЛУУ ҮЙҮ

Кумунан кубат алып, күнгө күйүп,
Кумарлуу дене эңсейт, көлдү сүйүп.
Капарсыз шат бөбөктөр суудан чыгып,
Курушат «чоң үйлөрдү» кумдан үйүп.

Бүркөлөө күндүн көзүн улам карап,
Бүт эле дем алгандар түйөт кабак.
Жайкы күн жаш баладай жарк дегенде,
Жадырап жапа тырмак жыргап калат.

Көл дешип, туш-тараптан эңсеп келет,
Көпчүлүк өзү калыс эмне себеп?
Кылымдар толкуп жаткан кыргыз көлү,
Кырчындай ден соолукка кубат берет.

Айрымы аба жутса, көлдү бойлоп,
А бирөө дельфин болот, сууда ойноп.
Алыкул тирүү болсо, аттиң азыр,
Атыңа ырлар менен сайма оймок.

## ЖАЙЛООДОГУ БИР КӨРҮНҮШ

Жайлоодо,
Кулундар желеде байланып
Көшүлүп,
Таңында жайыттан кайткан айдалып.
А жаш улан
Ууз кымыз ичип жайланып,
Улгайган кары
Карт кекирип
Уукту карайт таңданып.

Куландай туйлап,
Турат мына тайлары,
Кубанып жигит ойнойт,
Көңүлү жайдары.
Эргитет го жүрөгүн ошонун,
Ээ, бир кезде болгон махабат кайдагы.

Тай үйрөтөт,
Тайманбаган сүрдүү жигит,

Такымга бутту кысып,
Ойноп минип.
Жылгага өргүп барат,
Мөңкүп барат,
Жигиттин үйрөтөөрүн
Акыр билип,
Кулагын жапырылтып
шара тилик.

Коёндой так секиртет
Минген тайды,
Колуна элик буттуу
Камчыны илип,
Компоет чабендес да
Азоо үстүндө,
Кызыгын үйрөтүүнүн
Калган билип.

Ары жакта
Ак жоолуктар кийиз ийлеп,
Ал жакта
Ак билектер текши бийлеп,
Шат күлкү
Шар сууларга шайкеш чыгып,
Шайырлар
Чер жибитер сөздөр сүйлөп.

Көөкөрлөр
Маалы менен сүткө толуп,
Көшүлүп
Тойгон кулун күндө солуп.
Адырдан
Дүрбү салат ал чабендес
Ак жоолук
Ашыгына маашыр болуп.
Көк кашка

Оодуксуз ошол жерде,
көк чөптү
таштай коюп, көгөн коруп.
Жарылып
Кетүүчүдөй эти толук,
Жайлоодо
Ыңкып жатат жалаң борук.

Тең басып,
Бээ сааганда кулун байлап.
Теңине
тээ жайыктан жылкы айдап,
Жанагы
Баскан жигит дагы эмгекчил,
Жарына
Жардам берип, көңүл жайлап.
Ушундай
Сонун чакта убал экен,
Уйларга
Чап жабышып көгөн-сайгак.

Жайлоонун
Бир бурчуна чыгып барып,
Жыланач,
Көйнөк жагын чечип салып,
Колуна
Койкондотуп кисти алып,
Көзүнө
Кара айнегин шашпай тагып,
Таасиндеп
Анан тартып жайлоо түсүн,
Көйкөлгөн
көркөмдүктөн козу жанып.

Жаш балдар,
Кызык көрүп жетип барат,

Артынан
Кистисинин изин карап.
Шыбырап
Сөз кылышат сүрөтчүнү,
Кыйын деп,
Бири айтып, бири баалап.
Ортодо
Бири отурат жерди чукуп,
Оюнду
Мындан көрө эңсеп-каалап.
Толукшуп
турган жайга маашырлана,
Тоо суусу
күүсүн чертип, кулак жарат.

Боз үйлөр
ак чүкөдөй упай болуп,
Жайлоонун
Ортосуна алган конуп.
Көшүлүп
Көркөм тоолор көк мөңгүлүү,
Кылымдар
Жашап келген кыргыз эли,
Кыдырып,
Эмгек кылып көчүп-конуп.
Жат жактан
Кирген жоого каршы турган,
Жаа тартып,
Же болбосо, огун жонуп...

## ТАТТУУ ЭКЕН

Эң биринчи өзүңдү ким өптү экен,
Өптүү бекен, сага кантип жетти экен.
Оо, жараткан, көрсөм сүрдөйм өзүңдү,
Ошол жигит эмне болуп кетти экен?!

Жылдызыңа ошол жигит тең бекен,
Жыргалыңа ал туш келсе эмне экен.
Бирок сүйүү билдирбестен кез кылат,
Бир жакшыга, бир жаманга кемде-кем.

Сүйүү көркү сулуу сүйгөн таңда экен,
Сүйбөй өткөн бул турмушта чанда экен.
Күчөттүрөт кары-жаштын сүйүүсүн,
Күндө өсүп, гүлдөп жаткан кең Мекен.

Сүйүү балын сенден кайсы татты экен,
Сүйүнгөндөн кандай балкып жатты экен?
Кадыр-баркты баалай билген эмеби,
Кадыресе жигит бекен, март бекен?

Ошол түндүн таңы кантип атты экен,
Оолжуган сулуу кантип жатты экен?
Эх, махабат, элжиретпейт ким-кимди,
Элестетсем, эми деле таттуу экен!

## КӨЙРӨҢ КҮҮ

Кең кулачын жайган күү,
Кеңсчилик сайран күү.
Обологкон көңүлдү,
Оо кайран күү, кайран күү!

Ал кеткенде шайман күү,
Ар убакта майрам күү.
Айдакеңди эскерткен,
Аа кайран күү, кайран күү!

Түбөлүк түркүк сайган күү,
Түн-күнү уксаң майрам күү.
Калык акын жактырган,
Кайран күү-ай, сайран күү!

## АЛАС, АЛАС

Калкымдын пейли ток болсун,
Каргаша оору жок болсун.
Каран түн салган ааламга,
Кан күйгөн согуш токтолсун,
Алас, Алас!

Жыргалга эл-жер балкысын,
Жама журт айтсын алкышын,
Жоболоң кырсык жок болуп,
Жыл сайын арча аңкысын,
Алас, Алас!

Эргисин эмгек, туу алсын,
Эл-журтум ага кубансын.
Өрүш бүт өсүп-өнүгүп,
Өмүргө өмүр улансын,
Алас, Алас!

Кут качпай, пейли оңолсун,
Кор болбой балдар торолсун.
Эл-журтка болгон жек көрдү
Эски адат такыр жоголсун,
Алас, Алас!

Ар дартка даба табылсын,
Ага бүт кесел багынсын.
Тазарып аба, бүт аалам,
Табигат гүлзар тагынсын,
Алас, Алас!

Көп болуп суусу мүрөктүн,
Көпөлөк коркпой гүл өпсүн.
Ааламга орноп тынч заман,
Ачык асман нур төксүн,
Алас, Алас!

## АРДАГЫ СЕНСИҢ

Адамда болгон сүйүүнүн,
Ар кандай чечээр түйүнүн,
Кучакты жайып, баш кошкон,
Куту бир сенсиң үйүмдүн.

Арман менен күйүүнүн,
Акылман чечээр түйүнүн.
Балдарды тапкан бапестеп,
Бакыты сенсиң үйүмдүн.

Карлыгач сымал ийилдиң,
Качандан бери сүйүндүм.
Карчыга, шумкар таптаган,
Канаты сенсиң үйүмдүн.

Апасың — көркү үйүмдүн,
Аялзат — сыры түйүндүн.
Аталап турган балдар бар,
Ардагы сенсиң сүйүүмдүн.

## КЕЛЕ БЕРБЕС

Жаратылыш жан дүйнөнү гүлдөткөн,
Жакшы жакка көз салууга үйрөткөн.
Көз салалы, кол кабышты унутпай,
Көңүл ачып, көчөң кандай күндө өткөн?

Дарак кандай, чынар болуп сүрдөткөн,
Даанышман ким, ал чынарды гүлдөткөн?
Арышынан асылдыкка чөк салып,
Адамдар бар ак эмгектен көзү өткөн.

Сергектер көп, сезиминен гүл төккөн,
Сейрек чыгып, ошол гүлдү кайра өпкөн.
Кел сыйлайлы колдо турган кезинде,
Келе бербес, өтүп кетсе ал көктөм!

## ЫЙЫК ЭКЕН

Карап жатсам таң азандан ойгонуп,
Кыялымды кытыгылап ойлонуп.
Канаттуулар менден мурун туруптур,
Кайдагы бир симфония ойнолуп.

Театрга чогуу келген достордой,
Кырка тартып зымга олтуруп козголбой.
Мукам-мукам сайраганы бир кызык
Мураталы кыл кыягын созгондой.

Кошунадай бирин-бири сыйлашкан,
Колдон келген «жемин» берип кыйбастан.
Ыйык экен кол башындай канаттуу,
Ырын арнайт адамдарга тыйбастан.

## ОН АЛТЫ КЫЗ

Баягы он алты кыз карып калды,
Балдардын небересин багып калды.
Азыркы пахтадагы он алты кыз,
Ар кимге ак эмгектен жагып калды.
Бригадири Асыл-ай,
Билимдүү кыз — Насипай.
Көрүнсөңөр азыр-ай,
Я люблю ай, баай!
Жүрөктү атагыңар биилеп алды.

Пахтанын өзү жумшак, иши катуу,
Пааналап эмгектенет он алты ак куу.
Эмгекке эркин сүйүү аралашса,
Эмне бар так ошондон эмне таттуу.
Эжекеңер Өлмөсхан,
Ээрчигендин баары — Хан —

Бурулкан, Уулкан, Данакан,
Кайда элеңер баштатан,
Бир сүйүүм кимиңерге болот тартуу?

Алдымда чапма жорго «Көгүлтүр ат»,
Айлымда ак пахта көп, көңүлүм шат.
Он алты жүрөк болбос бир жигитте,
Ошондон бириң эле жолукчу бат.

Шайырбү шаңдуусу-ай,
Дагы бири калдуусу-ай,
Кайда кеттиң баарыңар,
Калбайын мен жалгыз-ай!
Кимиңе кандай жигит кантип жагат?!

## ЖҮРГӨНДӨ БОРБОР ШААРЫМДА

Жүдөбө, бекер эмгексиз,
Жүрөктө отуң барында.
Жүз иштер сени чакырар,
Жүргөндө боорбор шаарымда.

Ойлонуп иштеп отурсаң,
От ойноит экен каныңда.
Келечек абдан кең тура,
Кепкенен борбор шаарымда.

Бап келип мезгил агымга,
Байланган сүйүү жалынга.
Махабат сырлар өркүндөйт,
Март пейил борбор шаарымда.

Иштеймин көрүп камылга,
Ийгилик колдо барында.
Жүзүм бир жарык болсо дейм,
Жүргөндө борбор шаарымда.

## БИЛИП БЕРЧИ СЕБЕБИН

Караганча алдым менен артымды,
Кандай болду, алып салдың дартымды.
Ак халатчан — өмүрүмдүн сакчысы,
Ал айсайын сүйүүм сага артылды.

Садага дел, колдон кыса кармадым,
Сакайганда сага ырымды арнадым.
Боз баланы имериլткен дарыгер,
Болсом кана, өзүң сүйгөн ардагың.

Эңсеп мына эки көзүм жайнаган,
Эми сени көргүм келип кайрадан.
Өмүрүмө гүл орноткон солбогон,
Өнөрүңдөн оо, дарыгер, айланам.

Ден соолугум — берген сенин белегиң,
Деним таза, ыракатын көрөмүн.
Бирок жүрөк алып учат өзүңө,
Билип берчи, карындашым, себебин?

## АЛА-ТООНУН ТИРЕГИ

Бийиктеги нуру тийип күнүңдүн,
Билим деген кең дайраңа кириндим.
Бакыт шаары балкып жаткан, Фрунзем,
Байлыгы сен илим менен дилимдин.

Ажайып сен ачканыңда жүзүңдү,
Ала-Тоомо айкалышкан түзүңдү.
Мээрим чачат энекемдей элесиң,
Мейли жайың, мейли кышың, күзүңбү.

Орногондой келбет, көркө керемет,
Обо жактан күндүн нуру себелеп.

Бак-дарагың бариктерин түшүрбөйт,
Бакыт куту турган өңдүү желелеп.

Таасириңе мейман келсе тартылат,
Таалай шамы күнү-түнү жаркырап.
Байлыктарды эмгек менен топтогон,
Баатырлардын саны күндө артылат.

Уул-кыздар билим жакка умтулуп,
Ушул сага сүйүү арнайт туптунук.
Бактылуу элдин бапестеген борбору,
Баратасың ал ансайын кулпуруп.

Бул замандын не бардыгын ишинде
Бабаларым көргөн эмес түшүндө.
Бийиктикке өсүп жетти борборум,
Бир кылымда, биздин доордун ичинде.

Сен деп согот шаардыктын жүрөгү,
Сезим козгойт жумушчунун тилеги.
Акыл шаарым, асыл шаарым борборум,
Ала-Тоонун солкулдатпас тиреги.

## ЭНЕ СҮТҮН АКТАЙЛЫ

Ар нерсенин
Агын суусу, сазы бар,
Суусун ичип,
Бирок азга батпайлы.
Эрмек болуп, тирчиликте, жашоодо,
Эмгек деген асыл нерсе жатпайбы.

Адалдык бар
Арамдык бар турмушта,
Адал жүрүп,

Арам даамын татпайлы.
Адам деген атыбыздын өзүндө,
Абийир деген чоң акыйкат жатпайбы.

Күлкүсү бар
Кайгысы бар өмүрдүн,
Күлүп-ойноп,
Кайгыга көп батпайлы.
Дегдеттирип улам узак жашоого,
Денебизде кан удургуп жатпайбы.

Ачуусу бар
Таттуусу бар турмуштун,
Ачуусун көп
Азап тартып татпайлы.
Эл, Мекенге эмгек этип тартынбай,
Эне сүтүн эр жигитче актайлы.

Жаманы бар
Жакшысы бар жашоонун,
Жаман жүрсөк,
Жалпы элибиз барктайбы.
Мээрим менен арткан жүгүн көтөрүп,
Мекен, Элдин мөлтүр тузун актайлы.
Тазасы бар
Таштанды бар турмушта,
Тазалыкты,
Татынакай сактайлы.
Урматтайлы эмгек, достук, тынчтыкты,
Улуу закон ушуну айтып жатпайбы.

## ЫЙЫК СҮТ

Он ай бою камын жеп,
«Омурткам сыздайт» дебеген.
Ак сүтүн берип алпечтеп,
Ай-күнгө сени теңеген —
Ардактуу барбы энеден?!

Кашында турса наристе,
Кан жүгүргөн жүзүнө.
Күткөнсүп колго периште,
Күч кошулган күчүнө —
Ким татыйт эне ишине?!

Ак уулду төрөп алпечтеп,
Аткарган сүйөп атына.
«Кымбатым» деген бапестеп,
Кызыл кызын татына —
Ким жетет эне баркына?!

Бүкүлүн жеп нанынын,
Бүтүнүн берет балага.
Жартысын арнап канынын,
Жанын чапкан садага —
Эне сүт ыйык ааламда!

## ОТ ЖАГЫП КЕТТИҢ ДЕНЕМЕ

Толкунданып отурсам,
Туулган күнкү тоюнда.
Үйлөнсөм деген үмүтүм —
Оюмда менин, оюмда.

Караганда көзүңө,
Кадала түшсө жыргадым.

**Калып калды көңүлдө,**
**Кайрыктуу созгон ырларың.**

**Ошондо сенин өзүңдү,**
**Окшоштурдум жеңеме.**
**Оор салмак мүнөзүң,**
**От жагып кетти денеме.**

**Ашыктыкты арттырып,**
**Аман жүрчү дегеле.**
**Кокустан сени ойлосом,**
**Козголуп кетет делебе.**

## ИЧ КҮЙӨТ

**Махабат барда ак ниет,**
**Март болот ага баш иет.**
**Жалының барда иште, үйрөн,**
**Жаш өмүр кетсе ич күйөт.**

**Жетилсе жигит жар сүйөт,**
**Жетине албай сыр түйөт.**
**Кор кылба колдо барыңды,**
**Колуктуң кетсе ич күйөт.**

**Кармагын бирди, сүйүп өт,**
**Кадырын сыйла, билип өт.**
**Кайрылып келбейт ал өмүр,**
**Карманбай калсаң ич күйөт.**

**Жакшы акыл айтсаң бир тиет,**
**Жалкоону андай ким сүйөт?**
**Урматта, дайым эмгек кыл,**
**Улгайып кетсең ич күйөт.**

Баркыңа жетип жубайың,
Бактылуу болуп ылайым.
Барганда сексен-токсонго,
Балдардын көрсөк убайын.

Кыялы кызыл туудайым,
Кылкылдап учкан куудайым.
Кыргыйдай багып бапестеп,
Кыздардын көрсөк убайын.

Саргарбай, чекпей убайым,
Саламат, эсен турайын.
Балдардын көрүп баласын,
Байбиче болсом ылайым!

## ЭЛИМ ЖҮРӨТ КАЙГЫРБАЙ

(хор)

От болуп күйүп батыш жак,
Ок учуп турган кандуу чак,
Эрк менен жеңдик душманды,
Элиме конуп таалай-бак.
Тартипти сактап темирдей,
Талкаладык жеңилбей.

Түбөлүк Мекен түзүп шарт,
Түп көтөрө алып даңк.
Түйшүктү жеңдик түн-күндөп,
Түзүп тынчтык, алып барк.
Мекенди коргоп энедей,
Мертинттик жоону ченебей.

**Тарыхка жазып алтын сап,**
**Таалайга батты биздин жак.**
**Жергебиз элге шайма-шай,**
**Жеңишке жеттик апаппак.**
**Тек кайгы билбей кеңедей,**
**Тептегиз азыр телегей.**

**Бейпилдик коргоп сакма-сак,**
**Бейкутта элим турган чак.**
**Жеңишке далай жеткирет,**
**Партия берген таалай-бак.**
**Эмгектен тынчтык айрылбай,**
**Эми элим жүрөт кайгырбай.**

## КАНДАЙ ЭЛЕК

**Ал кезде акты, көктү тандай элек,**
**Ал кезде селкилерди жандай элек,**
**Алыппып сабак окуп, эмгек кылып,**
**Айткыла, курдаштарым, кандай элек?**

**Апакай тоодон аткан таңдай элек,**
**Ак үйдө күйүп турган шамдай элек.**
**Ат үстүн, ак мектепти мекен кылып,**
**Айткыла, курдаштарым, кандай элек?**

**Турмуштун татаал жолун талдай элек,**
**Туурдан алыс жакка чамдай элек.**
**Тек гана окуу, оюнга алек болгон,**
**Теңтуштар, бир кезекте кандай элек?**

**Көтөрүп чоң майрамда кызыл желек,**
**Көчөгө — салтанатка баруучу элек.**
**Баарыбыз билим үчүн таран кеттик,**
**Бала-жан, бир кезекте кандай элек?**

## КУРСТАШ КУРБУЛАРГА

Чабак уруп, турмуш терең көлүндө,
Чар тарапка жолдомо алып тарадык.
Жол бербестен оору-сыркоо, өлүмгө,
Врач болуп иштөөнү эңсеп, самадык.

Андан бери жыйырма жылга айланды,
Ак халатчан баатыр болду алдыбыз.
Ат салышып кандидаттар көп чыкты,
Али күнчө доктор жактан жардыбыз.

Элге арнап, өз өнөрүн аябай,
Эмгек сиңген врач болду далайлар.
Алкышты биз таазим менен айтабыз,
Профессор эжей менен агайлар!

## ГЕОЛОГДУН ЫРЫ

Аралап тоону кыдырып,
Абасын жутуп искедим.
Аркырап аккан булактын,
Арашан суусу ичкеним.
Алтынын таап жөн болбой,
Ашыгым сени издедим.

Элесиң түшсө эсиме,
Эмгекке чексиз берилем.
Эл үчүн милдет аткарсам,
Эмнеге, курбум, эригем.
Мекенге табам байлыкты,
Мейкини чексиз жеримден.

Эч убак жаным мөгдөбөй,
Эркинмин тоонун кушундай.
Ар дайым талбай иштейли,

Алдыда милдет ушундай.
Окууңду оку, жан курбум,
Оюңа алып бузулбай.

Толкутуп эмгек кубаты,
Тоолордун кени ачканым.
Сүйүүнүн күчү айкашса,
Сүйүнөт, курбум, жаш жаным.
Келечек үчүн иштесек,
Кереги канча башканын!

## ҮЛПӨТ ЫРЫ

Үлпөт үчүн колго бокал кармайлы,
Үй ээсине жакшы тилек арнайлы.
Жаркылдасак жаңы заман жаштары,
Жарашык бүт айкалыша калбайбы.

Шаңдан, курбум, элден артта калбайлы,
Шаттуу ырдап, бийге дагы чамдайлы.
Томсорушсак тост көтөрүп тиктешип,
Той ээсинин көңүлүндө калбайбы.

Шаттуу оюнга көңүл сергип калбайбы,
Шайыр жаштык учкундары жанбайбы.
Шаан-шөкөт шаар ичин жаңыртсын,
Шартка ылайык жаңы оюндан тандайлы.

Кубанычтын нуру чайсын маңдайды,
Кубулжуган ыр элесин тандайлы,
Обон менен ой-көңүлдөр айкашса,
Ошол кезде кумар, чиркин, канбайбы.

## КЫЗДЫН ЫРЫ

Ай сени деп барамын,
Аттиң ай деп кайтамын.
Жүрөктө көп талабым,
Билбейм качан айтамын?

Өзүң жакка басамын,
Өзгө жандан тазамын.
Качпай туруп сүйлөшүп,
Качан көңүл ачамын?

Кыз кыялын саламын,
Кыял күтүп барамын.
Айтмайынча билбедиң,
Аныңа таң каламын.

Түнүндө ойлоп жатамын,
Түшүмдөн сыр катамын.
Жандын отун жандырган,
Жаракер жигит атагың.

Эч болбосо байкаар деп,
Эки ооз ырды арнадым.
Кыз салтымды кармап бек,
Кыйналып сөз салбадым.

## ЖАШ ЖООКЕР ПОСТТО ОЙЛОНОТ

Жакшылап сактап мекенин,
Жаш жоокер постто ойлонот.
Түшүндө көрүп бир басып,
Түшүндө селки ойгонот.
Бирине бирин эстетип,
Биоток[1] сызат ойдолоп.

[1] Биоток — адам оюнун аралыкка берилиши.

Эркелеп кыял бозойдо,
Эсине түшөт өткөндөр.
Алдына келет тартылып,
Айылда жүрүп кеткендер.
Өзүнө турат чакырып,
Өңдүү кыз менен өскөн жер.

Мелмиреп сулуу таң атып,
Мекендин тыптынч аймагы.
Бозойдун болуп эрмеги,
Боз торгой безеп сайрады.
Жаш жоокер элин эскерип
Жазылып жарпы жайнады.

## КЫЗ КЕЗЕҢ

Кыз кезең,
Кызыл гүлдөй назик белем,
Кыйналбай,
Жигит кантип үзмөк элең?
Барктагын,
Бапестегин, тагып алгын,
Байкатпай,
Сен да гүлгө жагып алгын.

Кыз кезең,
Оргуп аккан ойноок булак,
Сүйүүсү,
Алтын балык, сүзүп турат.
Булакты,
Булгабастан ичсең, жигит,
Буралып,
Сулуу чыгаар өзү билип.

## КАЧАН КОЛГО ТИЕСИҢ!

Жашаганың жанга жайлуу Кой-Сары,
Жалын чалып аппак жүзүм кер сары.
Такыр эле тартып кетти махабат,
Тапчы, жаным, айыктыраар бир дары.

Чирип калды мага жашташ карагай,
Мен бойдокмун ага деле карабай,
Күңгүрөнүп күйүттөмүн ар качан,
Көңүлүмдүн кумар-чери тарабай.

Салам айтсам, араң башты иесиң,
Сагындырып кай жалынга күйөсүң.
Минут сайын махабатка куйкалап,
Мөгдүрөтпөй качан колго тиесиң?

## ЖООКЕРДИН КАТЫ

Көңүлгө көп сандаган ойлор үйрүп,
Көл жээги. Саратанда ойноп күлдүк.
Жел соксо көк жайыктан толкун серпе,
Жээкте сыр чечишип бирге жүрдүк.
Ал күндөр эсте гана элес берип,
Азыр биз алыстабыз эчен күндүк.

Санаа учкул баарынан да, санаа күлүк,
Сагынам жаным курбал кыял минип.
Каттарың келген сайын жан эргитип,
Кабарды алган өңдүү бүтүн билип,
Түнүндө кыял куштар, ойлоп жатсам,
Түгөнгүр түйшөлтөсүң түшкө кирип.

Курбулук куса кылган сыры терең,
Кубантып жанга кубат берет белем.

Жаракөр, көрүшөөр күн алыс эмес,
Жакында дем алууга барып келем.
Аманбы, жалпы-жайык бардыгы тең
Ала-Тоо, эл, мекеним — сүйүктүү энем!

## ТЕРМЕЛИП ЖҮРГӨН МЕЗГИЛДЕ

Билбейм качан сүйүп-күйүп жанамын,
Бир көргөндү билмексенге саламын,
Кеч куруну барамын,
Кээде ойлоймун: «аламын».
Баары менде санаанын —
Байкап билүү талабым.
Болуп калба, балким сүйгөн адамым.

Болгон кепти элден сурап угамын,
Бойду жасап, сен деп басып чыгамын.
Ойлоп ичтен тынамын,
Өңүң жактан сынамын.
Сыртыңды эмне кыламын,
Ичиң сулуу, сынадым.
Мына эми сүйлөшүү үчүн турамын!

## КОЧКОРУМ

Алыс жүрсөм сагынычты козгодуң,
Аймагы кең туулуп-өскөн, Кочкорум.
Абаң таза, Ала-Тоодон желпиген,
Адам үчүн курорт сымал окшодуң.

Береке бар көз жүгүртүп карасам,
Булактарың ичкен жанга арашан.
— Кара шамал жадатат,— деп бирөө айтса,
— Бирок ага кар жаабайт,— деп талашам.

Кымбат мага, ал гана эмес таштарың,
Кенге толгон керме тоолуу аскарың.
Конок үчүн бейпил жана ызаттуу,
Кучагыңда жашап, өскөн жаш-карың.

Кыштак өсүп шаар болду гүлдөгөн,
Кочкор десе чанда чыгат билбеген.
Ар ким мактайт туулуп-өскөн айылын,
Алда нече боёгу бар түр менен.

Атың кымбат алтын уям, Кочкорум,
Ай көрбөсөм сагынычты козгодуң.
Аймагыңда туулуп өскөн уулуңа,
Атагы зор курорт өңдүү окшодуң.

## КААЛАШЫП КАЙЫМ АЙТЫШУУ

Селкилер:

Көңүлү түшсө селкиге,
Көзү жетсин жигиттин.
Өзгөлөргө тартынбай,
Өзү жетсин жигиттин.

Бозойлор:

Сыр жашырып тымпыйып,
Сындабаса селкилер.
Чындап сүйүп калганда,
Чырдабаса селкилер.

Селкилер:

Жакшы сүйлөп жанашсак,
Шашып кеткен эмнеңер?

Жигиттикин чегинен,
Ашып кеткен эмнеңер?

Б о з о й л о р:

Жаштык деген ушул деп,
Жанып бара жатабыз.
Ак сүйүүнү силерге,
Алып бара жатабыз.

С е л к и л е р:

Бетегедей түбү бош,
Белдүү эмес го жигиттер?
Чектен аша сүйлөшүп,
Чендүү эмес го жигиттер?

Б о з о й л о р:

Жаштык деген ушул деп,
Тамаша айтса түшүнбөй,
Тайсалдайбы селкилер.
Качан мени сүйөт деп,
Кайсаңдайбы селкилер.

С е л к и л е р:

Кечке кайым айтышпай,
Кел иштейли, жигиттер.
Тели-теңтуш биригип,
Тең иштейли, жигиттер.

Б о з о й л о р:

Артта калса бирөөлөр,
Күйүшөлү, селкилер.
Ак эмгекти бүтүрүп,
Сүйүшөлү, селкилер.

**Баары:**

**Жакшы эмгекти таштабай,**
**Жалпы иштейли жаштар-ай,**
**жаштар-ай!**
**Обон коштоп эмгекке,**
**Ой бөлөлү жаштар-ай.**
**Толук сүйүү жетилсе,**
**Той берели, жаштар-ай,**
**жаштар-ай!**

## ТҮШҮНДӨ

**Сыргак ойлойт көп нерсени уктаарда,**
**Сыр билгизбей кат жазам деп Муктарга.**
**Анан түшүнө кирет жатканда,**
**Кызык уйкуга көшүлүп батканда.**
**Бир убакта кирип барат,**
**«Бүлөөтүгө» чабан турган ак тамга.**
**Кымыз сурап ичет апасынан,**
**Таңдайы кургап, суусуну катканда.**
**Көрсө, сагынган тура апасын,**
**Окууда — Фрунзеде жүргөн чактарда.**

## АКЫНГА АРНОО

(М. Ю. Лермонтовдун үй-музейин көргөндө)

**Машукка күндүн нуру балкый тийип,**
**Магдырап Эльбурс карайт мөңгү кийип.**
**Ушундай укмуш жерди мекен кылып,**
**Улуу акын жүргөн экен жандай сүйүп.**
**Ыр өчкөн, өмүр өчкөн кокусунан,**

«Тарс» этип мансапкордун огу тийип.
Эч өлбөс ырың жүрөт эл аралап,
Эльбурстун чокусунан ашкан бийик.
Ала-Тоо мекендеген кыргыз элден,
Айтамын сага салам башымды ийип.
Тоо эли баян кылган элесиңди,
Топурак сымал алып кеттим түйүп.

## ЭЛ КАМЫ ҮЧҮН ТОЛГОН СОҢ

Садагасы, санаам, көп да ойлонсом,
Сагындырып, сен жоксуң да ойгонсом,
Менден мурун мектепке деп турасың,
Мейлиң секет, атың адам болгон соң.
Баала атыңды, баала ата-журтуңду
Балам, сени эр Сыргак деп койгон
соң.

Бар, барагой, мектебиңден кечикпей,
Бапестелип сегиз жашка толгон соң.
Билим алып, бийик ишке бел байлап,
Билгич болгун эл камы үчүн толгон
соң!

## ЧОГУУ ТУРСАК

Адамдар ар кандайбыз, турмуш билет,
Ар кими өз оокатын кылып жүрөт.
Бирөөлөр эл-жерине курман болсо,
Бирөөлөр өзү үчүн дооран сүрөт.

Ар мүнөз арабызда адамда бар,
Аларда жакшы да бар, жаман да бар.
Бирөөлөр кең пейилдүү март келишсе,
Бирөөлөр өтө кызганч ичтери тар.

Элимде башынан бар жакшы сөөлөт,
Энчиктеп эне-атабыз берген төрөп.
Кокустан бул дүйнөдөн бирөө өлсө,
«Жакшы» деп айтып алып, анан көмөт.

Мүнөздү алдын ала айтып өттүк,
Өлгөндү «жакшы» менен биз жөнөттүк.
Жоголгон бычак болуп алтын саптуу,
Жоругун эстей-эстей жашты төктүк.

Жер эне ылгабастан баарын алат,
Жакшынын арт жагында аты калат.
Жамандын өзү өлсө да чуулгандуу,
Артынан кошо узатат жаман наалат.

Эмне үчүн элчиликке бир келбейбиз,
Тирүүдө уруш-талаш, мен-сен дейбиз.
Калп эле кара жанын баккандарга,
Калкыбыз, чогуу турсак жол бербейбиз.

## КЕЛИП КЕТ ЭМКИ ЖУМАДА

Жок беле башта убада,
Жолукмак элең жумада.
Жоругу менен жол тапса,
Жолдошко ошол туура да.

Көп тарттым эми убара,
Көрбөдүм, мейли, сураба.
Кеңешем десең чын дилден,
Келип кет эмки жумада.

Кеп берсең, ага чыда да...
Көп эле антип сынаба.
Кейитпей мени, жан курбум,
Келип кет эмки жумада.

Ушак сөз уксаң ынаба,
Күтөөрмүн келсең кубана.
Жумушуң бүтсө, учуп жет
Жумада, курбум, жумада.

## АНДА МЕН

Көз отуң караганда тартып өткөн,
Көңүлгө сен окшодуң жазгы көктөм.
Таасириң ысык бууну ички бүркүп,
Тайсалдап ошол кезде араң өпкөм.
Анда мен курагым го жаңы көпкөн.

Ыр жазып, түйшүк кеткен далай катка,
Аларды азыр деле билем жатка.
Алгачкы сүйүүм калган арноо болуп,
Архивде азыр каткан ошол атка.
Анда мен жеткен экем балагатка.

Али да сонун элес кетпес ойдон,
Ашыктык жүрөккө сыр сактап койгон.
Азыр биз бактылуубуз бүлөө күтүп,
Жарыбыз жанда жүрөт көңүл тойгон.
Анда мен жүргөн экем бала бойдон.

## КӨКҮРӨККӨ САКТАГЫН

Элестетем, шар суулардын
агканын,
Элестетем, күлүк аттын
чапканын.
Так ошондой мезгил жылып
закымдап,
Таасим берет өмүр өтүп
жатканын.

Кетирбестен колдо турган
бакытты,
Кел иштейли, бир кошулуп,
аппагым.

Машакаттуу эмгек иштеп
жатканың,
Маңдай териң — ал ден соолук
тапканың.
Кел иштейли, алтын жаштык
бар чакта,
Кээде билбей, күн кызарып
батканын.
Сезимдерге, сергектикке
дем берсин,
Сен керилип, иштеп
кетмен чапканың,

Убадаңа эң бек туруп,
аппагым,
Убайымга бекер жүрүп
батпагын.
Эмгек менен эриш-аркак
болушуп,
Эл алдында берген антты
актагын.
Кыйын иште намыс жеңип
кетээрин,
Кыргыз кызы, көкүрөккө
сактагын.

## АРДАГЫМ

Тоодой бийик толкуп ташкан ырысың,
Толкундаттың жүрөктү сен тымызын.

Эрке мүнөз эмгек жандуу кыялың,
Элестетет көктүн Чолпон жылдызын.

Жанса ошол жадыраган жамалың,
Жарыгынан жаңга кубат аламын.
Сүйүү деген океанга бой таштап,
Сүйлөшүүгө далбас урган баламын.

Кантем анан келе берсе карагым,
Карлыгачым кандай айла табамын.
Окуу бүтүп, ой-максатка жеткенче,
Окуй жүрчү студенттин саламын.

Ат жалында ойноп өскөн, ардагым,
Ала-Тоодой ак сүйүүмдү арнадым.
Эгизиндей эки жүрөк табышып,
Ээси болсок сен башкарган чарбанын.

## КӨЛ ЭЛЕСИ

Ак куулар сылап канатын,
Акындар сынап талантын,
Акактай тунук, Ысык-Көл,
Аларды тартмай адатың.
Ыракат алып өзүм да,
Ыр издеп кетип бараттым.

Жээгинде толкун жылтылдайт,
Жел менен ойноп кылтылдайт.
Кууша чардак көктө ойноп,
Кумундан жаштар ыр тыңдайт.
Тоолордун болуп күзгүсү,
Толкундайт көлүм, бир тынбайт.

## ОЙЛОО КЕРЕК

Карындаш,
Карашында жатат көктөм,
Качандыр мен да сендей
болуп өткөм.
Кайырган ак куу мойнун
элестете,
Каадалуу так өзүңдөй
селкини өпкөм.

Ал жаштык өмүрүмө атыр
сепкен,
Алоолуу жалындарын берип
кеткен.
Али да ошол жалын
жанган турат,
Ашыктык алаксытып
баштан өткөн.

Түк өчпөй, ошол жалын
жана берет,
Түбөлүк накта сүйүү
кала берет.
Жалп өчсө, жаштык дагы
жанбай калаар,
Жалгандай чын сүйүүнү
ойлоо керек.

## САГА

Сагындым мен өзүң өскөн Нарынды,
Сенчи секет, эстейсиңби Марыңды.
Эки келбес эң бир сонун учур бар,
Эске ала жүр элжиреген сарыңды.

Эчен жылдар өттү, кетти, жаңырды,
Мен да таптым, сен да таптың жарыңды.
Бөтөн болуп, эми экөөбүз жолуксак,
Бөлүшөбүз алар менен жарымды.

Ак чачтарды улам-улам таранып,
Алга кеттим, артты жүрбөй каранып.
Көөдөн менен биз картайбай жүрсөк да,
Көрүнбөйт го кайра айланып балалык.

Өткөн күндөр архив болуп ташталып,
Өмүрдө улам жаңы чектер башталып.
Баштагыны эске салбайт экенсиң,
Балдарыбыз ойноп турса назданып.

## ЖАШТЫКТЫН БУЗБА УСТАВЫН

Ашыктын ысык аптабы,
Алоолоп мени каптады.
Саандан көрүп жактырып,
Санаам бир тынчып жатпады.
Азгырып турат дегдетип,
Айлыңыз Ак-Таш жактагы.

Калемди таптап имердим,
Кат жазып, салам жибердим.
Кантсе да берээр колуңа,
Катчыңар жакшы силердин.
Айыбым болсо мойнумда,
Ачыгын жазып жибергин.

Жанаша турган кыштагың,
Жайладым, эми тыштамын.
Жайлоодон жүрүп туш болуп,
Жактырдым, жетпей сыздадым.
Жалынга түртүп жөн болуп,
Жаштыктын бузба уставын.

## ЖАКШЫ АДАТ

Сүйүү, жаштык көңүл менен наз кылган,
Сүйлөштүрүп, бир өзүнчө мас кылган.
Ысык сүйүү ыракаты бир канча,
Ыйык келип, кайра жанды жаш кылган.

Ошол учур, ийип турган көңүлүм,
Оттой жанып, кубат алган өмүрүм.
Ар кимдерден өткөн жаштык турбайбы,
Азыр сура, айтпас балким төгүнүн.

Жылдыз жанат, чын сүйгөндүн көзүнөн,
Жан жыргатып, таалай чачат өзүнөн.
Жарк дей түшөт бүркөө турган кабагың,
«Жаным!» деген эрке мүнөз сөзүнөн.

Таразаң да, тагдыр дагы байланат,
Таң чолпону — жүрөк толкуп жай табат.
Каадасыбы, ыйык сүйүү жаштыктын,
Бул махабат — элден калган жакшы адат.

## ЖҮРӨГҮМДҮН САЛАМЫ

Карабачы, как жүрөктү өйүтүп,
Кайра көздөн жаздым болуп кейитип.
Андан көрө кучагыма келсеңчи,
Атом болуп, алтын болуп эритип.

Же сулуулар ашык болуп карайбы,
Же жигиттер сырт келбетин баалайбы.
Жоругуң да жоктоттурат өзүңдү,
Жок дегенде саламга кел, жарайбы.

кылуу саламдашаар каламым,
Ыракатты мен сүйүүдөн аламын.
Жүз көрүшүп, сүйлөшкөнчө сыр чечип,
Жүрөгүмдүн кабыл алчы саламын.

## ӨТКҮН ӨТТҮ

Өткүн өттү көз жаштары шорголоп,
Өткүр куйду жандын базары корголоп.
Үйгө жетпей үшкүрүнүп эрке кыз,
Сезим мыжып жаш жүрөгү кордолот.

Өткүн өттү жерди сабап дабырап,
Өсүмдүккө тамчы айдады шабырап.
Өзгөлөрдөн кыйын болду бул кызга,
Өз сүйгөнү күтүп калды жалдырап.

Өткүн өттү, күн жылт этти заматта,
Өкүмү анын өтүп кетмей адат да.
Өкүнбөсүн бир аз күтсүн, чыдасын,
Өткүн өттү, сүйгөнүнө барат да!

## ТАНДАП АЛ ӨЗҮҢ АШЫК ЖАР

Кишиге сүйкүм жалын кыз,
Ким болот ашык жалынсыз.
Айлыңда жүрөт бир жигит,
Ата-энең бербей калыңсыз.

Барымта заман өткөн кез,
Баарына элим жеткен кез.
Буйлалуу тайлак окшобой,
Бул жагын ойлон, өзүң чеч.

Ар кимдин сүйгөн теңи бар,
Акылман элдин кеби бар.
Табага калбай сатылып,
Тандап ал өзүң ашык жар!

## БАЛАСЫҢБЫ

— Чөп чапканга барасыңбы,
Чөмөлөнүн түбүндө эле каласыңбы?
— Араң турам белим ооруп,
Айтканды түшүнбөгөн баласыңбы?

— Дүйшөмбай келиптир дешти,
Дүкөнгө барасыңбы?
— Акебай, анык өзүн айттың,
Агынан бирди аласыңбы?
— Ошондо белиңе күч келбейби,
Ошону билбеген баласыңбы?

## ОШОНДОЙ ЖИГИТ

Апасы айтат Кемелге:
— Ал жигитке теңелбе.
— Анын жайы эмнеде?
— Чоңойгон соң кайры жок,
Ата менен энеге.
Анда уулу кеп салат:
— Айта түшчү,— деп калат.

— Бала багып оңойбу,
Бакас эрке чоңойду.
Кийбегенди кийгизип,
Ичпегенди ичирип,
Кыйын баккан молойду.

Кийин өсүп торолуп,
Окуу бүтүп, оңолуп,
Аял алып айылдан,
Безип кетти жоголуп.
Анысын да кетирип,
Баласы турса жетилип.
Кызматынан бошонуп,
Жүрөт дейт азыр өкүнүп.

Арак менен достошуп,
Аялы менен касташып,
Көрүнгөндү этектеп,
Көчө таптап, бош басып.
Жыйнап калды бөтөлкө,
Көрүнгөнгө «ак» ташып.

## ЖОЛДОШ БАШКАРМА

Жолдош башкарма!
Жай өтүп,
Күз жетүүдө,
Жакшы күндөр,
Билинбей өтүүдө.
Кышка камынуу,
Көз жаздымда кетүүдө.

Кыскасы, жүрөсүз
Кышка камынбай.
Кышында сарайлар
Үстү ачык — жабылбай.
Киши күчү табылбай,
Материалдары алынбай,
Пландагы курулуш
Дагы калды салынбай.
Ойлосоңуз боло,

Жайды өткөрүп,
Кышта
«Табигатка багынбай».

Баса, сөз көп,
Башкы маселе —
Тоюткор же чөп.
Бул жөнүндө айтсак,
Болоор сизге эп:
— Колхозчулар жабылып,
Жатат — дегенсиз,—
Чөп жыйноого камынып.
Кубулуп эми кеттиңиз,
Кургак сводкага жамынып.
Өзүңүзгө өзүңүз каршы чыгып
Калдыңызбы,
«Түшүмсүз жерге» таарынып,
Себеби жер арык —
Жерде карылык.

Жок, жолдош башкарма!
Сиздин жерге шылтооңуз аз,
Жер ыңгайлуу,
Чөпкө орток
Шалбалуу саз,
Бүтүн эле чөп
Биздеги тоо-таш.
Жер — адамдын досу,
Эмгектенгенге болбойт кас.
Андыктан сводканы,
Асмандан албай,
Жерден эле алып жаз.
Чындыкты ойлогон жакшы,
Адамдагы асыл баш.

«Силос» дедиңиз,
Куурайды туурап,

Себеби, гектарлаган беделер,
Убагынан өткөн куурап.
Чаптырбадыңыз неге,
Жеткенде убагы дуулап.
Районго чаптыңыз,
Күндө беш убак,
Жардам сурап,
Же телефонду,
Тындырбай бурап.
Андан көрө пайдалансаңыз,
Колдогу күчтү курап,
Ошентип сөз эмес,
Болсо иш,
Тынат эле го,
Кол менен кулак.

Жолдош башкарма!
Кандай десе сүт,
Сонун дээриңиз чын,
Сиздики бүт.
Бирок жакшылыктан
Барбы сизде үмүт?
Жай болсо да,
Сүт планына жетпейт,
(Сиздин баштан
Дегеле жетишпөө кетпейт).
Уйлардын жайыты жаман,
Сүт жарыктык,
Кайдан чыгат анан?
Бул бир,
Экинчиси, саанчыларда
Халат жетишпегендиктен,
Көйнөктөрү кир.
Каймак, сүт куйганга,
Чака, челек да
Жыртык ал түгүл.

Ушундай шартта,
Ийгиликке жетет деги ким?

Жолдош башкарма!
Жайда жайлоого бир келесиз,
Баарын коюп,
Конок болууну,
(Кыдырып конууну)
Жакшы көрөсүз.
«Беш бармак», кымыз жагына,
Сонун элесиз.
Ийилгенге ийилип,
Какайганга какайып,
Сыйлаганды бетинен өбөсүз,
Сын айтканды,
«Сындыра» эле тебесиз.

Коёлу башка сөздү,
Колхоз жана колхозчуларга
Деги айтыңызчы, эми
Качан камкордук көрөсүз?

## АЛИМЕНТЧИНИН АЙТКАНЫ

Убакыт аз, көрүшкөндөн качамын,
Уурданып башкасына шашамын.
Билбейм, балдар азыр кандай абалда,
Билинбестен бир жерде иштеп жатамын.
Санда жокмун, аягымдан сай таппай,
Сарсанаамын, карызгада батамын.
Алимент деп, арттан кууп доолабай,
Аялдарым аялдаса,
Коё турса чатагын.
Жоболоңдуу жигит болгон көрүнөм,
Жолун жолдоп, илгери өлгөн атамдын.

## ӨЛӨРМАНДЫН ӨЗӨГҮ ӨРТТӨНГӨНДӨ

Агей,
Адырайган кайран эр,
Антаңдап жөнөгөнүн көр.
  Аны-мунуңду билбеймин,
Азыр «уйкулугуңду» бер!
А сен
 Жакшы жуу байпагыңды,
Жазылсын биздин чер.

## «КОЛ КАБЫШ»

Келет дешип меймандар,
Керек болду камданыш.
Аш жасоого аялга,
Жардам берди бир тааныш.
Мага болсо — ашына
Кылмак болду кол кабыш.

Аялыма «жардамчы»,
Үстөл жасап салыптыр.
Ак-кызылды сойлотуп,
Албырып жатып алыптыр.
Алган арак-шараптан
Араң экөө калыптыр.

## ЭНЕСИНИН ЭРКЕСИ СУРАГАНДА

— Апакебай,
Айланайын колуңдан.
Акча берчи,
Айыгайын «оорумдан».
Такыр эле башым барат айланып,

Тамтык такыр калбаган го боорумдан.
Андан көрө, бол, эртерээк эбин тап,
Атам келип калтырбасын жолумдан.

## БИР КОТОРМОЧУГА

Капсын ит мурдуң түшкүрдү,
Карышкыр улам чүчкүрдү.
Капырай, грипп экен деп,
Капшыттан түлкү үшкүрдү.
Аңгыча суур бышкырды,
Алыстан коён ышкырды.
Каап ала жаздап сагызган,
Катуу мүшкүл иш кылды.
Балык колун көтөрдү,
Башкача ыкшап жөтөлдү.
Чыңырып чымын ыйлады,
Чымчыктар келип сыйлады.
Кашкулак келип бийледи,
Калтары атты ийнени.
Кара дөбөт ыр ырдап,
Карала эчки сүйлөдү.

## КЕМИП ЖЕТТИ

Ферма жиберди
Бирөөнү Акманга:
— Барсын деп айтты де,
Барпыныкына сакманга.
Ал кирип келгенде,
   Акман жаткан макмалда,
«Сакман» дегенди укканда,
Сайып алгандай болду бирөө капталга.
«Түгөнгүрдүкү,

Мурдатан барып көрүнбөй врачка,
Түштүм байкуш мен «капканга».
— Келгин, балам, келгин,
Кайда кетти жанагы келин?
Балага нан ооз тийгиз,
Жарма-жалаң бергин.
Моминтип суу ичип жатам,
Тиги чайнекти ишенбесең карап көргүн.
Эртең доктурга барбасам болчудай эмес,
Эгер барбасам, ажалдан мурун өлдүм.
Оңой суук орнобогон көрүнөт,
Ортосуна эт менен челдин!
Ооpу го деп, бала кетти,
Жазган кагазын ала кетти.
Аманат бригадирице бергин деген,
анча-мынча «чокой боону» сала кетти.
Чокой боо ферманы жандап өттү,
Ферма аны заматта жалмап өттү.
Акман болео аларды алдап кетти,
Сакмандын бир кишиси кемип жетти.

## АРАК МЕНЕН АЛКОГОЛИК

Алкоголик арakты карап,
Алкымын чертип,
Эрдин жалап,
Акчасын калтырап санап,
Анан мындай деп кеп салат:
— Ичейин, жутайын,
Изиңди суутайын.
Ийменбей туруп,
Ийгилик үчүн ууртайын,
Дегенде арак,
Демитип калат:
— Ичкен Азамат!

Кыт-кыт күлүп,
Стаканга куюлат.
Ансайын беркинин,
Акылы суюлат.
Ачуусу жыйылат.
Эки-үчтү удаа тартып,
Эң арткысына кыйылат.

Ансайын арак,
Шаштырат карап.
Тамылжытып ээрчитип,
Там-туң бастырат.
Талаага жаткырат,
Чатакка азгырат.
(Ошентип мас кылат)
Анан ичкендин ичинен,
Карт-карт каткырат.

Эртеси алкоголик
Салам алып
(Таанылбай калып)
Бербейт алик,
Жүрөгү согот,
Дүк эле, дүк.
Арактар айкырат:
— Айланайын, жутпасаң өлдүк.

Ал ичпеске ант кылса да,
Айланып ичкенин көрдүк.

Айткандай эле баары,
Аракечке боло турган дары.
Ал адамдын —
акыл-эси, ары.
Адатка айланып кеткендей,
Атасынын эмес каны
же жаны.

Эркти башкара билгенде гана,
Ошол
Эртелеп кутулаар жагы.

## ЭМЧИНИН БОЛДУ ЭРМЕГИ

Башы оорутса чүчкүртүп,
Басып бери кел деди.
Ачып көздү, жумганча,
Айыктырам мен сени.
Кызартып алып кычкачты,
Ысык суу бүркүп эмдеди.
Аябай чүмкөп салган соң,
Алка-шалка тердеди.
Айланы такыр кетирип,
Анысы жардам бербеди.
Эки өпкөдөн кагынып,
Эмчинин болду эрмеги.
Оңолуп калды доктурдан,
Он күнчө жатып келгени.
Алдандым дейт эмчиге,
Атайын барсам көргөнү.

## СЫРДАШУУ

— Айылчы-ов, Айылчы,
Антаңдайсың эмне издеп?
— Анын несин айтам,
Амалым түгөндү-түтүн искеп,
түтүн искеп.

— Жоругуң жолдо калсын,
Эки жакка барбай,
Түйшүк тартып,
Түтүн искегениң кандай?

**— Азыр кулак салчы,**
**Айтып-айтпай эмне аягын.**
**Оңоло албай ооруп.**
**Ооруканада жатат аялым.**

**— Жарабас сөздү кой,**
**Жатса аялың жатты.**
**Түтүн искеп көчөдө**
**Сенин башың эмне катты?**

**— Анын жөнү бар,**
**Азыр чыгып газ,**
**Ары карасам, бери карасам,**
**Айылда түтүн аз.**
**Кайсы үйдөн түтүн чыгат деп,**
**Катты баш.**
**Катын жок болуп,**
**Үйдө жасабай тамак-аш.**
**— Оо, кокуй десе!**
**— Ошонун сырын билбейсиңби?**
**— Түтүн искеп, түйшүк тартпай,**
**Жүр, биздин үйгө эле кирбейсиңби!**

## СЕКУНДДУН ЖЕБЕСИ

**Оолукту секунддун жебеси,**
**Отуруп өзүнчө жайланып.**
**Күнүлөшүм эске албайт, менин**
**Күнү-түнү жатканымды айланып.**
**Жүйөөлүү айтсак сөзээр беле,**
**Жүрүп жатканын эмнеге байланып?**

### БИР ТЫЙЫН

Баарыдан деп, мен кыйын,
Чөнтөктөн ыргып кетти бир тыйын.
Көмүлүп калды топуракка,
Көрбөстөн эч кимдин сыйын.
Ары-бери өткөндөр уккан жок,
Анын арман, муңдуу ыйын.
Чырылдап мактанбаса болот эле,
Чын эле анын бары-жогу бир тыйын.

### ЖАЛГЫЗ ТАМЧЫ

Көтөрүп жүргөн булутту,
Көөдөн тамчы унутту.
Жалгыз өзүм жаанмын деп,
Жалакай жанын курутту.
Тып деп жерге тамды,
Ошону менен
Тыптыйпыл болуп калды.

### ОШОЛ СЕН БОЛБО, АРКАБАЙ

Жүк көтөрбөй аркалай,
Жүзүңдөн кызыл таркабай,
Он алты жашта кызды алган,
Ошол сен болбо, Аркабай?

Машина минген чалкалай,
Коомдун мүлкүн талкалай.
Кош колун майга батырган,
Ошол сен болбо, Аркабай?

Кара жанын калкалай,
Катынын урган балкалай.

Оңбогон ишти баштаган,
Ошол сен болбо, Аркабай?
Боломун деген баркка бай,
Олжону ойлоп чуркаган,
Ошол сен болбо, Аркабай?

## САРЫ ЭСЕПКЕ

Мен жаздым сатирадан «килем төшөп»,
Сен болсо жүргөндүрсүң сөөмөй кесеп.
Түнүндө уктатпастыр эл убалы,
Түгөнгөн кызыл кулак — сары эсеп.
Бир күнү билинбестен түлкө жетээр,
Бирөөнүн ак эмгегин алдап жесек.

Жаан да акырындап ташты тешет,
Жадымы таза киши аны сезет.
Атаңар эмне кесип кылган десе,
Балдарың жер карашаар, эмне дешет?
Ошондо жети өмүрүң жерге кирээр,
Оңолбос алдап сатар — сары эсеп.

## АЛИ УНУТПАПТЫР АГАЙЫН

Биз жүргөндө мектепте,
Билимге толук канып.
Кубангандыз куудулдугуна,
Бир агайдан сабак алып.
Химиядан аябай түшүндүрчү,
Тим эле тикесинен тура калып.

— Ээй, сары тончон бала,
Доскага чыкчы, кана,
Кызыл пальто кыз,

Келсин биякка ал да,
Уккула көңүл коюп,
Эки заряд бар дебедим беле жана.

Анын бири терс,
Бири болот оң.
Ал экөө минтип тартышат,
Кел, кармашкыла кол.
Эки бирдей заряд түртүшөт,
Ажыраш, экөөң ары бол.

Эртеси келет агай шашып,
Эсептейт балдарды журналды ачып,
Калп, чынды койгулата күлдүрөт,
Каткыртып коёт кабагыбызды ачып.
Азыркы өтөөрүбүз этил-метил спирти деп,
Аны доскага коёт жазып.

— Этил спирти — кадимки эле арак,
Формуласын жазгыла жакшы карап.
Эми, муну ичкен киши бар эмесби,
Эки дүйнөнүн ортосунда калкып эле калат.
Чактабаса бул түгөттү кез-кезде,
Чатакты так ошондо салат.

Метил спирти болсо бу —
Жыгачтан алынган эле суу.
Аны ичкен адам соо калбайт,
Арак эмес, кадимки эле уу.
Жүрбөгүлө ойлоп ал суусун деп,
Жүрөгүм айнып кетти, фу-у!

Ошол агайдын сабагы кандай күчтүү,
Эч ким алучу эмес эки менен үчтү.
Кечөөдөн көрүп калып бир жолдошту,
Көңүлүмө агайдын сөзү түштү.

«Жашоону билбейсиң ээ,— деп,— кыргызым»,
Анан айтып кирди өзүнүн турмушун.
Көңүлү жибип кетти көрүнөт, деп ойлогом,
Көргөндө өзүнүн классташ курбусун.
Угуп отуруп өзүм иренжидим,
Ушунун жашаган турмушу да курусун!

Ал кериксин тетири аштаптыр,
Аялын алты баласы менен таштаптыр.
Онунчуну бүткөн соң олжо издеп оңой,
Окуу жайына буту таптакыр баспаптыр.
Айыл ичине ала мышык аралатып,
Алып сатар боло баштаптыр.

Түн-күнү арактын артынан түшүптүр,
Түрмөдөн да жүрөгү эчен үшүптүр.
Агайдын сабагын али күнгө унутпай
Этил спиртинен бир нече тонна ичиптир.
Эки бирдей терс заряд түртүшүп,
Эчен жолу тал-терек сүзүптүр.

## АЛ КЕЛЕ БЕРЕТ

*Жанытма*

Ал келет сага
айланчыктап,
Оозуна «сары суу» жеткенде,
Айласы жедеп кеткенде.
Катыгүн, карабай калат,
Кайра жогорулап,
Өзүнчө көпкөндө.
Ойсокелердин оозунан өпкөндө,
Ыраазы болуп,
Ырыскысын чекеге тепкенге.

Ал келет сага
имерилип,

**Башына иш түшкөндө.**
**Баягы өзүң салдырган,**
**Калай тиши түшкөндө.**
**Айтканындай анда таптырбайт,**
**«Өлбөгөн жигит,**
**Алтын аяктан суу ичкенде».**

**Ал келет сага**
**шыйпаңдап,**
**Жети түн болсо да, жатаарда,**
**Карызгага белден батаарда.**
**Кайтararда аларды**
**«Алып-сатарга»,**
**Үмүтү үзүлүп,**
**Үйүндө даам калбаганда татаарга.**

**Ал келет**
**улуп-уңшуп,**
**Аялы сотко бергенде.**
**Көргүлүктү туш-тараптан көргөндө.**
**Урук-тууган тирүүлөй көмгөндө,**
**«Топуракты белине түйүп»**
**Тете болуп өлгөнгө,**
**Алы келбей калганда**
**Бирөөнү челгенге.**

**Ал келет**
**кубаласаң да болбой,**
**Окууга баласы өткөндө,**
**Же кызы күйөөгө кеткенде.**
**Көлөкөсүн да таптырбайт,**
**Колу кайра,**
**Бир нерсеге жеткенде,**
**Өзү айткандай,**
**Өкүнбөйт ал өткөнгө.**

**Ал келет,**
**Ошентип келе берет...**
**«Кырманыңа кирип алып,**
**Ак көңүлдүгүңдү билип алып»**
**Андан көрө,**
**Кутулалы андайдан,**
**Бетин тилип, туз салып.**

## КАҢГЫГАНДАРДЫН КАРАВАЙЫ

*(Үч киши кийим-башы самсаалап, сакал-мурУттары өскөн, бурчта ортосуна бир бөтөлкөнү коюп алып бийлеп-ырдашат)*

**Катын-бала карабай,**
**Калдык кара талаада-ай.**
**Караманча баарыбыз,**
**Калк ишине жарабай,**
**Каравай, каравай.**

**Эмчектеги баладай,**
**Эч керекке жарабай,**
**Эртең менен чогулуп,**
**Бир бөтөлкө жаламай,**
**Каравай, каравай.**

**Тытмалоодон жадабай,**
**Тыйын-тыпыр санамай,**
**Эртели-кеч кол сунуп,**
**Элдин көзүн карамай,**
**Каравай, каравай.**

**Бул адаттан жадабай,**
**Биреөгө көз кадамай,**
**Абийирди бүт жоготтук,**
**Ата көрү, арак-ай,**
**Каравай, каравай.**

## БӨЛҮНГӨНГӨ КӨРҮНСҮН

Сөз сурадың «быяк менен аяктан»
Сөлпүп айттың: «уруун сенин каяктан?»
Кыпчып сүйлөп, кеп келтирбе тукумга,
Кечээ эле кутулдуң го таяктан.
Кыргыз өзү кызуу кандуу эл келет,
Шар суу өңдүү
Кээде мөңкүп, кээде такыр жай аккан.

Унутулбайм, улутунбайм, азмын деп,
Улуу элим айтса болот жазмын деп,
Көктөм келсе, эсептей бер кыргыз деп,
Көркөм берсе, эсептей бер жылдыз деп.
Албетте, аалам толо улут көп,
Алар менен жашай берсе, кыргызга эп.

Калк жамандап, калып эмне күнөөгө,
Калыс сүйлөп, тийишпесе бирөөгө.

Улут бөлгөн өзүңө эле көрүнсүн,
Эл айткандай: «мөөнүң кошо бөлүнсүн»
Улуу орус, башка улуттан досум көп,
Түшүнбөсөң, тирүү эмес — өлүүсүң.

## АЙЛЫК АЛГАН КҮНҮ

Карасам,
Касса жакка басып барып,
Жалпысы
Жаткан экен айлык алып.
Куп келип, бүгүн күнгө жума экен,
Купуңдап кезек күтөм тура калып.

Чөнтөккө маянамды салган чактан,
Сунулду колдор мага туш-туш жактан,
Тигинде Тилек тизме түзүп турат,
Ар жактан ыкыс коёт Акмат, Актан.

Чөнтөктө канча экенин чеңебеди
Чөмүчтөп туп-тушумдан «келе» деди.
«Чөнтөгүң беш сомдукка толо экен,
Чүйчүтпөй он сомуңду төлө» деди.

Анысы алды дагы жөнөп кетти,
Артынан антаңдаган Салый жетти.
— Асылкүл кыз төрөптүр, барабыз,— деп,
Анысы да бештикти илип өттү.

Өтө берерде бөлмөсүнүн жанынан,
Өзгөрүш чыга келсе болобу алдымдан.
— Эртең «шеф» Ялтага учканы жатат,
Эртерээк бере кеткин чыга электе жанымдан.

Элден кантип четте каласың,
Эми бастым го дегенде, баарынын санаасын,
Тилек чыкты тигил эшиктен баш багып,
«Тилемиш жакында отургузат» деп баласын.
Анан айкырдым, айлык алдым деп,
Аласасы бар дагы кимиң калдың деп.
Жыйырмача сом турат менде,
Жыйылып келип, бөлүп алгын деп.
Ал күнү билбейм үйгө кандай бардым,
Акыры бир таксини жалдай бардым.
Ар ким менен коштулуп жүрө берип,
Агын, кызылын аралаштырып жалмай бардым.
Жерге кирсин акча, дүйнө,
Жети түндө жез тыйын да
чөнтөгүмө салбай бардым.

## КАЙСЫ КҮНҮ КАЛАТ АЙ

— Туушкан,
Белгилүү мага дайныңыз,
«Алга» колхоз айлыңыз.
Катуу чыгып, жердешим,
Канат-бутак жайдыңыз.

Сизге тууган-уругум,
Кызматка жакшы туругум.
Койсоңуз дурус бир ишке,
Бир колхоздун кулунун.

Дегенде тиги кайрылып,
Салмактуу үнү жай чыгып:
— Сөзүңө, иним, сүйүнөм,
Сүйүнүп, кайра күйүнөм.
Мен чоңоюп өскөнмүн,
Советтик балдар үйүнөн.

Ай, алат-ай, алат-ай,
Алакандай жеримди,
Аймакташ кыргыз элимди,
Алты бөлгөн адат-ай,
Кайсы күнү калат-ай?!

## ӨЗҮМЧҮЛ

Көңүл айныйт
көргөн сайын,
Көпчүлүккө
сыры дайын.
Иш дегенде
чалакайым,
Аш дегенде

азыр дайын.
Ысык көрөт
акча жайын,
Чоңдорсуз —
ичпейт чайын.
Жада калса,
аял алса,
Алсам дейт:
«Аял эмес, кайын».

## АТА-ЭНЕСИ УБАРА

Кымыздар ичилбей ачып,
Муздаткычта
эти сасып.
Муңканат кайран оокаттар,
Мугалимдер табылбай
үйүнөн качып.
Үшкүрүнүп аялы,
Үйдүн ээси жашып,
Баарынан кыйыны
чый-пыйы чыгат,
Баласын окууга алып келген
ары-бери басып.
Энеси дагы жүрөт,
Эчак эле койгон казанын
асып.
Билмексен баласы отурат,
Бирдемени окумуш болуп,
(Кээде ойду-тоону
жөн эле жазып).
Столдун үстү үймө-жыйма
жашылча, жер жемиш
батпай ташып.
(Тим эле нормасынан ашып).

Кызыл үстүндө кылтылдаган
кымыздан,
Кылт эткен жан жок
бир кашык.
Чынында тамакта эмне жазык?
Ушинтип бузулат тура басык.
«Ичтен чыккан ийри жыландын»
азабы тура
Баласынын мурдун балта кеспейт
Көзү менен энесинин мээсин казып!

## ЧЫМЫН КОНГОН БАЛ

Учуп жүрдү бир чымын,
Уулдап-дуулдап, айтпай сырын,
Ушундай болорун ким ойлогон,
Ушул азыр айталык чынын.

Ал татамын деп балды,
Адегенде бир тал мурутун малды.
Анан эки колун эрбеңдетип кирди,
Ал, анткени, даамын татып калды.

Салган соң мурут менен колду,
Артынан аяктары да даяр болду.
Ошентип чымын жебей, чылк денесин таштап,
Чымынды чыгарбай, аягы бал сорду.
Эмгек терине ыраазы болбой эсирген,
анан кесилген,
Элден да чыгат ээ, чымындай шордуу?!

## КҮЧӨП КЕТТИ

Оңолом деп жүрүп,
Оорусу күчөп кетти.
Ошондо илең-салаң,
Ооруканага жетти.

Врач көрүп текширип,
«Оору чалыптыр — деди — өттү,
Жебегин ачуу тамак,
Куурулган этти».

Басылганча баягы дарт,
Саалап ичти дарыны,
Жалаң сүттөн, айрандан,
Жадап кетти карыны.

Бара-бара тамакты,
Баш аламан ичип кирди.
Бардык ооруга ойлосоң,
«Ак молдо,— деди,— миңдин бири».

Айыккандай кумпуюп,
Ар кимге «сырын» айтып жүрдү,
«Доктуруң деле билбейт да»,
Төш кагып күлдү.
Төшөккө тарс жыгылганда,
— Төх, жаңылган экенмин
ошондо,— деди.

## МАЙБАШ

Каран калган, Майбашым,
Качан бүтөт «Айбашың»?
Урпактарга уяттуум,
Улуулардан тайбасым.

Көлдө өткөрдүм жай башын,
Чөлдөн көрдүм ай башын.
Өмүрүңдү бөксөрткөн,
Өзүң ойлон, Майбашым.

Кайда барсаң чаласың,
Карып боло каласың.
Коом мүлкүн ээлесең,
Кош чеңгелиң саласың.

Жолбун итке каптырбай,
Жоголосуң таптырбай.
Безип кетме жиниң бар,
Бетке айтканды жактырбай.

Сын сөз укса кылтылдай,
Сымап болдуң жылтылдай.
Өзүң үчүн иштесең,
Өлөсүң ээ бир тынбай.

Кызарган буюм көрдүбү,
Кычап чыгат «эрдиги».
Жексур болгон, Майбашым,
Жер соргурсуң жердиги!

Билбеймин азыр, кайдасың,
Бир жердесиң, Майбашым.
Жапма челек өткөргүн,
Жалгыз баштын айласын,
макулбу?

## БЕРДИНИН БЕШ ӨРДӨГҮ

— Ээ, Кудайберди,
Кечээ тойду ким берди?
— Баягы Убайберди,
Укмуштай уюштуруптур десең,

**Эл биринин артынан бири**
**чубай берди.**
**Жек-жааты көп экен,**
**Жер-суудан бери келди.**

**— Сурабайм дечи,**
**Канча тамак-аш ичтиң,**
**Сөз салчы,**
**Улакка ким менен түштүң?**

**— Маскөөдөн келиптир,**
**Валентин Катаев,**
**Кочкордон — Абды Атаев,**
**Чолдондон — Бошкой Сатаев,**
**Ат-Башыдан — Мусабек Матаев.**
**Бир жаат болдук,**
**Сонун команда**
**Өзүнчө бир футболдук».**

**— Силер болупсуңар андай,**
**Составы беркилердин**
**болду кандай?**

**— Алардын бири — Фрунзеден Акаев,**
**Дагы бир обончусу бар какайып.**
**Ойсоңдогон адам чыкты Таластан,**
**Оштон болсо, жолдош Халил Бапаев.**

**— Болду, болду, койдум,**
**Баракелде,**
**Бардык айтканыңа тойдум.**

## БОЁКЧУ КЕТТИ ӨҢӨРҮП

Сукташып айтса сөз жетпес
Сулуу экен өзү жаштык кез.
Кой тишти эмне кор кылдың,
Коло бир тиштүү кара көз.

Азыр мен айтсам кеңешти,
Айра бил өткөн келбести.
Акактай болгон аппак тиш,
Алтындан артык эмеспи.

Ак манжа, айча тырмакты,
Ар кандай боёк кургатты.
Жасалма эмес, өз келбет
Жакшына жана урматтуу.

Кайран чач калды өрүлбөй,
Өрүлмөк тургай көрүнбөй.
Так ошол сага жарашчу
Тарасаң болмок эринбей.

Көргөндө көңүл чөгөрүп,
Көз үстү турат көгөрүп
Бой-келбет такыр өзгөрдү
Боёкчу кетип өңөрүп.

## КАРЫЗГА

*(Тамашалуу ыр)*

Жакшылык жасайм мен бүгүн,
Жараган жарайт намызга.
Сүзмөдөй аппак бетиңден,
Сүйдүрө турчу карызга.

Керекке жарап калсам мен,
Кетээрмин балким алыска.
Жалындап жүрөк баратат,
Жакшы сөз айтчы карызга.

Абийрим такыр жол бербейт,
Арзыбас ишке барышка.
Кошулуп окус калбайлык,
Колуңду берчи карызга.

Баркымды билбей шектенсең,
Баралы анда калыска.
Өлүмдөн алыс мен болсом,
Өзүңө тиээр карызга.

Жаман жорук бул өзү,
Жарабайт аны таанышка.
Какшаалдын өзүн катырып,
Карматсак кантет карызга.

## ЖЕЛ ӨПКӨ

Ала качып сен өпкөн,
Аппак кыз кантти, жел өпкөм.
Жармашып алып кеткенче,
Жакшы го деймин жөн өткөн.

Сүйрөй качып сен өпкөн,
Сүйкүм кыз кантти, жел өпкөм.
Сүлүктөй соруп алганча,
Сүйкүмдүү болоор жөн өткөн.

## БИР ЧАБАНДЫН ЖОРУГУ

Ар дайым минет ардактап,
Атынын бузбай форумун.
Жардамчы чабан деп жазган,
Аялы иштээр орунун.
Жайы-кышы ал эргул,
Жакшылап билбейт коругун,
Билгизгим келди элиме,
Бул чабандын жоругун.

Кычыран кыш киргенде,
Камалат кою короого.
Боргулданып ал эргул,
Бозо менен жородо.
«Көрдүңбү биздин ишти» деп,
Көтөрүп коёт «зоболо»
Жаланып кайтат үйүнө,
Жанганда жылдыз ободо.

— Чык катын — деп чычайып,
Чыкыроон кечте дарылдайт.
Тегеренип ат турат,
Тебетей кайда, табылбайт.
Ак кыроо басып мурутун,
Ат менен өзү таанылбайт.

Эркегин эптеп киргизип,
Ээр токум калат алынбай.
Чылага жөнөйт чабдар ат,
Чылбырга эптеп чалынбай.
Акыйып калат акырда,
Алдына жем, чөп салынбай.
Эртеси жөнөйт таң ата,
Эргулдун жайын мамындай.

«Адаты ушул мунун» деп,
Ак таңда турат алганы.
Күндүн көзү чыкканда,
Кой жайып чыгат балдары.
Короо-жайды иреттейт,
Балдардын үйдө калганы.

Жазгы маал азыраак,
Жакындап үйгө байланат.
Жазып, чоттоп төлдөрүн,
Жакшы эле деп жайланат.
Жүдөгөнгө жүк түшүп,
Жүзүнө «миштен» айланат.
Сары ооруу кылып эмгеги,
Сакманда кантип шай калат?
Саноого төлдү келгенде,
Сапаты минтип байкалат.

Жалпы эле малчы сыяктуу,
Жайлоого көчөт жайында.
Кыйын төл алып бергенсип,
Кымыз уулап айылда,
Базар сайын шылтоолоп,
Барып келет кайынга.

Балдары менен отуруп,
Бапырап ичпейт чайын да.
Акча сурап контордо,
Ай менен апта сайын да.

Кызуу кирип баарысы,
Кыркындын келет кезеги.
Берки коңшу чабандын,
Беш килге жетет эсеби.
Эмгекке чабал эргулуң,
Экиден ашпайт эзели.

Өкүнүп койбойт дагы эле,
Өзүн, эр катары сезеби?

Кунуң качкыр шылтоо таап,
Куру сөздү белендейт.
«Куруп кеттим оорудан,
Курортко барып келем» дейт.
«Эмдиги жылы карап тур,
Эки эсе алып берем — дейт.—
«Итке минген» жалчыдай.
Кимиси болсо мелдешип,
Кийинки жылы көрөм,— дейт.—
Аткарбасам айтканды,
Ажалдан мурун өлөм — дейт.—
Жетпей калса башма-баш,
Жек-жааттан кошуп төлөйм,—дейт.

Сөзүн угуп отурсак,
Сөлтүк болбой жетчүдөй.
Баарынан озуп, алдыга,
Баатыр болуп кетчүдөй.

Орденге төшү толчудай,
Ооз-кесирсиз болчудай.
Баш байгени алчудай,
Көргөзмөгө барчудай,
Иш жүзүнө келгенде,
Илгери баспай калчудай,
(Айтканынан танчудай)
Ишенбей калды көпчүлүк,

# АЗИЛДЕР

Ч. АЙТМАТОВго

**Таанылды бүткүл дүйнөгө,**
**Танабайдын сары аты.**
**Токтолбой сүрөп алыптыр,**
**Толубайдын чаар аты.**
**Так сары атка бүткөнсүйт.**
**Тайторунун канаты.**
**Чынгыз таптап чапкан ат,**
**Чыгып келмей адаты.**
**Ааламга даңкын тараткан,**
**Анын нукура таланты.**
**Бул —**
**Куттуктап сунган ыр сабым,**
**Ку-у! Жаныбар, Гүлсарым!**

М. А. АЛИЕВге, В. А. ИСАБАЕВАга,
М. М. МИРРАХИМОВго

**Талашып орун кийиктен,**
**Таптыңар дары бийиктен.**
**Демденип калды ошого,**
**Демиккен менен күйүккөн.**
**Эми космоско салым кошсоңор,**
**Элимди дагы сүйүнткөн.**

Социалисттик Эмгектин Баатыры
Ч. РЫСМАМБЕТОВАга

**Бир кезде кыргыз кыздары,**
**Билимсиз, мөгдөп, сыздады.**
**Укуксуз малча сатылып,**
**Утурум турмуш кыстады.**
**Октябрь ачып таалайды,**

Көтөрдү көккө мааиайды.
Бапестеп өлкөм өстүрүп,
Бактылуу кылды далайды.
Эл сүйгөн чебер врач кыз,
Эми,
Эреркеп кетпе, жарайбы?!

### АСКЕР КАДЫРАЛИЕВге

Ашыра мактабайлы биз,
Азыр Аскердин жаш чагы.
Ийгиликке жетип ылдам,
Илимден чыкты таскагы.
Жаш медиктерге үлгү болуп,
Жакшы жолго баштады.

Куттуктайбыз, ушунуңдан талбагын,
Колдогу ийгиликти бекем кармагын.
Коомдук ишке илимди кошо ала жүр,
Кокус антпей, орто жолдо калбагын.

### ӨЛМӨСХАН АТАБЕКОВАга

Ала-Тоо жасап пахтадан,
Ар дайым антын актаган.
Атабекова Өлмөсхан,
Ал, пахтадан «эмгек жактаган»
Он алты кызы тең чыгып,
Оюнча абийир сактаган.
Кызысыз колдон иш келген,
Кыргызым дайым мактаган.

### АРСТАНБЕК АЛТЫМЫШЕВге

*(50 жылдыгына)*

Автордун кыдырган шаарларын
картадан карасам,

**Акылым жетпей,**
**кээ жерден адашам.**
**Амстердам, Париж, Шанхай,**
**дагы башкалар,**
**Аябай көп жол басыптыр**
**биздин «Арашан».**
**Алтокорин, ликорин, гипкос**
**менен «Аркарбаш»,**
**Андан башкалары деле**
**Сизге көрүнгөнсүйт аз.**
**Эр жигитке эрке баладай**
**эле эмеспи,**
**Элик сур минген**
**элүү жаш.**
**Анда эмесе,**
**эргий берсинчи эмгектен,**
**Академиктик**

АЛТЫН БАШ!

## САКЕ

**Жетимишке келдим деп жашып,**
**Алдырбаңыз карылыкка шашып.**
**Далай чыгармалар жарата бериңиз,**
**Дагы отуз жылды**
**жөн эле жөөлөй басып.**
**Алыбаев Мидин айткандай,**
**«Боюңуз менен да,**
**Оюңуз менен да,**
**Бизден бир карыш ашып»**
**Эмгегиңиз боло берсин байсалдуу,**
**Эне-Сайдын суусундай ташып.**
**Балдарыңызга акыл айта жүрүңүз,**
**Баягыдай эле кемирчек казып.**

Медицина илимдеринин доктору,
профессор

КАКИШ РЫСКУЛОВАга

**Дасыгып өскөн өнөрү,**
**Дарыгер — жандын чебери.**
**Ал окуткан шакирттер,**
**Асыл кесип ээлери.**
**Какиш эже өстүрүп,**
**Кандидат болду кээлери.**
**Өзүңүз өңдүү сиңдилер,**
**Өссө экен дейбиз дагы эми!**

Медицина илимдеринин кандидаты

МАРИЯ НАНАЕВАга

**«...Кыздын агынан эмес,**
**багынан»**
**Кыйын эле эмгегиңиз**
**дары-дармек жагынан.**
**Дарттарды даатпаган**
**эч жанына,**
**Дары-дармектер көбөйүүдө**
**дагы улам.**
**Бирок сиз окуткан студенттер,**
**Жаман баа алып,**
**тайый элек «тагынан».**
**Өзүңүзгө окшогон илимпоз**
**жаштарды,**
**Өстүрөт деп үмүттүүбүз**
**дагы улам!**

## КҮМҮШ ЧАЧ

*(«Жибек чачтын» обону менен.*
*Жумамүдүн Шералиевдин 60 жылдыгына)*

**Кирдебей көңүл ачылып,**
**Китептер чыгып басылып.**
**Күчкө толуп шаңданып,**
**Күндө нота жазылып.**
**Айкалышып ыр, эмгек,**
**Алга сүрөп шашылып.**

**Ак эмгегиң эл баалайт**
**Арман барбы, Күмүш чач,**
**Дагы эле,**
**Дарман бардыр, Күмүш чач.**

**Колдо талант, каруу бар,**
**Каалагандын баары бар**
**Өсүп, өнүп, эл-жериң,**
**Өнөр кенчи дагы бар.**
**Алтымыш жаш кеп болбой,**
**Жаралууда жаңылар.**
**Бардык басып өткөн жол,**
**Барбы эсиңде, Күмүш чач.**
**Ушу эми,**
**Узак жаша, Күмүш чач.**

**Колдор улам чабылсын,**
**Комуз күүсү жаңырсын.**
**Шакирттериң шаңдуу өсүп,**
**Шар эле элге таанылсын.**
**Оңой таппай алтымыш,**
**Он беште деп жаңылсын.**
**Токсон тогуз кубанып,**
**Тосуп алсын, Күмүш чач.**
**Тоорулуп,**
**Тосуп алсын, Күмүш чач.**

## БАЛИ, ЫРАКМАТ

*(Кочкор районундагы Фрунзе атындагы колхоздун чабаны Сакыбаев Советбекке ачык кат)*

Эчки тууйт эгизди,
Эки жылда сегизди» —
Эл ырдачу ушинтип мурун,
Эрдик эмей эмне,
Ээ, Советбек, мунуң.
Эң сонун тостуң,
Ильичтин 110 жылдыгын,
193 төн козу алыпсың,
Тарыхта болгон эмес мурун!

Мал багуу жагын,
Жакшы үйрөндүң жашыңан.
(Ал адамдын башынан)
Эл үчүн арналган,
Эрк, кубатың ташыган,
Сенин малың семиз болот,
Оттосо деле
«Кара-Күңгөйдүн» сазынан,
Же
«Кашаң-Бээнин» ташынан.
Жакшы көрөт дешет сени,
Жада калса малың
Ичкен ашынан.

Албетте, айтып жатабыз,
Атагыңды
Басма сөздөн окуп алып.
Өзүбүз да жазабыз,
Бирок көргөн жокпуз,
Короондун четине басып барып.
Кубанып калабыз,

Кулагыбыз жакшы жагыңды чалып.
Кайратың али мол дешет,
«Кара-Күңгөйдүн» ташын жарып.

Кеп салышат кээ бири,
Карагулдун иниси деп,
Капырай, башкармасы кайсы,
Чоң чабаны кимиси деп.
Ага терикпей иштей бер,
Ак эмгектин камын жеп.
Анткени, алдыңда
Калкың күткөн
Ийгиликтериң өтө эле көп.

Дагы бирөө имиштентет,
Таштан салды деп тамды,
Анысы эки кабат,
Ал тоодой эле көрүнүп калды.
Күзгүсү күнгө чагылып,
Көрсөтөт дейт,
Тыягы Ак-Жарды,
Быягы Көк-Жарды.
Эр экенсиң, ошент,
Элде
Үй салбай жүргөн барбы?
Аны Советбек
Аялы экөөлөп, акчасын
Ак эмгектеринен алды.
Үчүнчүлөрү үшкүрүп айтышат:
«Туугандары эле
Козуларын кошуп ийди,
Бирөөлөрү бушайман болуп жатышат,
Балага —
Башкарманын эле жардамы тийди.
Катарлаш машиналарды алып,
Кастарлап,

Хан кийбегендерди кийди».
Мейли, ошентсе ошенте беришсин,
Советбек
Эмгектин ичикийинен чыйрыгып,
калакайына күйдү.
Ошондуктан,
Чолпону дал чокусунан тийди.

Эми көрө албагандар
Эт деп, сагызды жебесин.
Сага айтар кеңешим:
(Ашыра чааптыр дебессиң)
— Өсө берсин атагың,
Өлүм житимден болбой чатагың.
Тири карак жигит болуп,
Тилегин актоодосуң,
Эне менен Атаның,
Ак эмгектин үзүрүн,
Ак эмеспи татканың!
Элдин алып алкышын,
Эмгектин күүсүн чала бер.
Эр жигитке ортоктош,
Эне эмеспи кара жер.
Тарсылдаткан жигитти,
Таман акы, маңдай тер,
Эл үмүтүн дагы актап,
Жатканда мактап
Эмдиги жылы
Эки жүздөн ала көр.
Баарыбызды кубанттың,
Бали ыракмат,
Бактылуу эр!
Колуңа берди таалайды,
Компартия кеменгер!

МАЗМУНУ


Угалычы Улуу Октябь баянын . . . . . 5
Улуу Ильич чапкан жол менен . . . . . 9
Улуу Октябрь урааны . . . . . . . 9
Олкөмдүн өссүн өркүнү . . . . . . . 10
Ата журтум — ардагым . . . . . . . 10
Али деле комсомолдун мүчөсү . . . . . 11
Бүркүт . . . . . . . . . . . . . 12
Жаз жана жаштык . . . . . . . . . 15
Билинээр баркы сүйүүнүн . . . . . . 16
Багбан колу . . . . . . . . . . . 17
Мен силерди сагынып . . . . . . . 19
Тоо шумкары . . . . . . . . . . 19
Келчи жаным . . . . . . . . . . 20
Ал учур мага салтанат . . . . . . . 21
Түтөп кетет каңырык . . . . . . . 21
Жүрөктү кеттиң саймалап . . . . . . 22
Бүлөтү . . . . . . . . . . . . 22
Жылуу салам айтабыз . . . . . . . 23
Сен сулуу . . . . . . . . . . . 24
Мөгүлөн . . . . . . . . . . . . 24
Ардагым . . . . . . . . . . . . 25
Саламат жүр . . . . . . . . . . 25
Арноо . . . . . . . . . . . . . 26
Бир кызга . . . . . . . . . . . 27
Кечирип кой . . . . . . . . . . 28
Айканыш . . . . . . . . . . . . 28
Атаганат . . . . . . . . . . . . 29
Гүл түсү — сүйүү элеси . . . . . . 29
Жамгыр төктү . . . . . . . . . . 31
Ыр жаттап . . . . . . . . . . . 31
Тартуулап тамчы каныңды . . . . . . 31
Таңды тосуу . . . . . . . . . . 32
Таң атпайт . . . . . . . . . . . 33
Апакайым . . . . . . . . . . . . 33
Кыз куумай . . . . . . . . . . . 34
Танабай таңшык . . . . . . . . . 35
Өзгөрдү укмуш төгөрөк . . . . . . 35
Ааламдын жүрөгү . . . . . . . . . 36
Кулунду . . . . . . . . . . . . 37
Кышкы бир көрүнүш . . . . . . . . 38
Жаштар — көркү талаанын . . . . . . 38

# Мар Алиев

## ВЕРА

СТИХИ

*(на киргизском языке)*

**Издательство «Кыргызстан»**


Рецензент *С. Жусуев*
Редактор *О. Сулайманов*
Худ. редактор *Д. Лысогоров*
Тех. ред. *Р. Ревенко*
Корректор *Ж. Байсеркеева*

ИБ № 1935

Терүүгө 2. 4. 1982-ж. берилди. Басууга 28.7 1982-ж. кол коюлду. Д—03686. Басмаканалык № 1 кагаз. Мектеп ариб. жөнөкөй ыкма менен басылды. Формат 70×1/32. 3.75 физ. басма табак, 4,388 шарттуу басма табак, 4,948 учеттук табак. Тиражы 3000. 4,607. боёк түшүрүү. Заказ № 148. Баасы 50 т.

«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе 5, Жигули көчөсү, 102.



50 т.